ЖУРНАЛ 2004-ЖЫЛЫ
НЕГИЗДЕЛГЕН

ЖУРНАЛ ОСНОВАН
В 2004 ГОДУ

ISSN 1694-8106
Индекс 77366

# КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫНЫН
# КАБАРЛАРЫ

# ИЗВЕСТИЯ
## КЫРГЫЗСКОЙ АКАДЕМИИ ОБРАЗОВАНИЯ

№ 3 (61)

Бишкек – 2023

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ АКАДЕМИЯ ОБРАЗОВАНИЯ**

**Периодичность: 3 выпуска в год**
**Учредитель: Кыргызская академия образования**

**Главный редактор**
**Мамытов А.М.** – доктор педагогических наук, профессор, академик КАО

**Заместитель главного редактора**
**Дюшеева Н.К.** – доктор педагогических наук, профессор

**Ответственный секретарь**
**Дербишова Н.А.**

**Редакторы: Карамолдоева С.К., Дуйшо кызы М.**

**Редколлегия:**

| | |
|---|---|
| **Мамбетакунов Э.М.** | **член-корреспондент НАН КР, академик КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Байгазиев С.О.** | **доктор филологических наук, профессор, академик КАО** |
| **Добаев К.Д.** | **член-корреспондент КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Рысбаев С.К.** | **член-корреспондент КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Син Е.Е.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Асипова Н.А.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Калдыбаев С.К.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Муратов А.Ж.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Мааткеримов Н.О.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Мамбетакунов У.Э.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Токтомаметов А.Д.** | **кандидат педагогических наук** |
| **Иманкулов М.К.** | **кандидат педагогических наук, доцент** |
| **Ниязова А.М.** | **кандидат педагогических наук** |
| **Коңурбаев Т.А.** | **кандидат психологических наук** |

Адрес редакции: г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 25

## БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ

## ОБРАЗОВАНИЕ И ИННОВАЦИИ

## EDUCATION AND INNOVATION

*Мамытов Абакир,*
*педагогика илимдеринин доктору, профессор,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*башкы илимий кызматкер,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

*Окен уулу Шумкарбек,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*аспирант,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРТО ЖАНА БИЙИК ТООЛУУ ШАРТТАРЫНДА ЖАШАГАН 7-11 ЖАШТАГЫ ЭРКЕК БАЛДАРДЫН ДЕНЕ БОЙ ЖАКТАН ЖЕТИЛҮҮ ЖАНА ФИЗИКАЛЫК ДАЯРДЫК АБАЛЫ

*Мамытов Абакир,*
*доктор педагогических наук, профессор,*
*Кыргызская академия образования,*
*главный научный сотрудник,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

*Окен уулу Шумкарбек,*
*аспирант,*
*Кыргызская академия образования,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

# СОСТОЯНИЕ ФИЗИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ И ФИЗИЧЕСКОЙ ПОДГОТОВЛЕННОСТИ МАЛЬЧИКОВ 7-11 ЛЕТ, ПРОЖИВАЮЩИХ В УСЛОВИЯХ СРЕДНЕГОРЬЯ И ВЫСОКОГОРЬЯ КЫРГЫЗСТАНА

*Mamytov Abakir,*
*Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,*
*Kyrgyz Academy of Education,*
*Chief Researcher,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

*Oken uulu Shumkarbek,*
*Postgraduate Course,*
*Kyrgyz Academy of Education,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

# THE STATE OF PHYSICAL DEVELOPMENT AND PHYSICAL FITNESS OF BOYS AGED 7-11 YEARS LIVING IN THE CONDITIONS OF THE MIDDLE MOUNTAINS AND HIGHLANDS OF KYRGYZSTAN

***Аннотация:*** *Макалада Кыргызстандын орто жана бийик тоолуу аймактарында туруктуу жашап жана окуп жатышкан 7-11 жаштагы эркек балдардын дене бой жактан жетилүү жана физикалык даярдык абалдары жөнүндө маалымат берилет. 292 окуучуну тестирлөөнүн анализи, алардын дене бой жактан жетилүү жана негизги физикалык сапаттарын өрчүтүү деңгээлдеринин физиологиялык жана педагогикалык нормаларга, талаптарга жооп бериши талданат жана мүнөздүү тенденциялары көрсөтүлөт.*

***Аннотация:*** *В статье представлена информация о состоянии физического развития и физической подготовленности мальчиков 7-11 лет, постоянно проживающих и обучающихся в условиях среднегорья и высокогорья Кыргызстана. Представлен анализ результатов тестирования 292 учащихся, показателей физического развития и проявления основных физических качеств, в том числе их соответствие физиологическим, педагогическим нормам и требованиям, а также свойственные к ним тенденций.*

***Annotation:*** *The article provides information on the state of physical development and physical fitness of boys aged 7-11 years, permanently residing and studying in the conditions of the middle mountains and highlands of Kyrgyzstan. The analysis of the test results of 292 students, indicators of physical development and manifestations of basic physical qualities, including their compliance with physiological, pedagogical norms and requirements, as well as their inherent tendencies, is presented.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *орто бийиктиктеги тоо, бийик тоо, түздүк, дене-бой жактан жетилүү, физикалык даярдык.*

***Ключевые слова:*** *среднегорье, высокогорье, равнина, физическое развитие, физическая подготовленность.*

***Key words****: middle mountains, highlands, plain, physical development, physical fitness.*

**Киришүү.** Кыргыз Республикасында орто жана бийик тоолуу аймактар кеңири орун алган. Территориянын 94% деңиз деңгээлинен 1000, жарымына жакыны 3000 метрден жогору бийиктикте жайгашкан. Калкыбыздын олуттуу бөлүгү, алардын балдары тоолуу аймактарга мүнөздүү жаратылыштын катаал шарттарына кабылып жашашат. Илимпоздордун көз карашында бийик тоолуу аймактарда туруктуу жашаган адамдардын физиологиялык мүнөздөмөсү, дене-бой жактан жетилиши жана жалпы физикалык даярдыгы түздүк мейкиндикте жашагандардан айырмаланат (Д. Алипов, 1966, Б. Турусбеков, 1965-1990). Анткени, тоолуу аймактарда абанын температурасы кескин өзгөрүп турушу, атмосфералык басымдын бийиктик жогорулаган сайын төмөндөшү, абанын суюлушу ж.б.у.с. жагдайлар кеңири кездешет жана организмдин адаптациялануу механизмин өзгөртөт.

Демек, орто жана бийик тоолуу аймактарда жашаган окуучу балдардын дене бой жана физикалык жактан жетилүү процесси өзгөчөлүктөргө ээ деген божомолду алдын ала белгилесе болот. Ага байланыштуу, окуучулардын дене бой жана физикалык жактан жетилүү процессинин структуралык абалын аныктоо, түзүлгөн кырдаалдын илимий адабияттарда белгиленген нормаларга, «Физкультура» предметинин окуу программасынын талаптарына жооп беришин аныктоо, аныкталган тенденцияларды мектеп билиминдеги дене тарбия сабактарын өткөрүүдө эсепке алуу актуалдуу илимий жана педагогикалык проблема деп белгилөөгө татыктуу.

Жогоруда белгиленген жагдайларды эсепке алып изилдөөнүн **максатын** орто жана бийик тоо шартында жашаган окуучу балдардын дене бой жана физикалык жактан өсүп жетилүү абалын жана структуралык

өзгөчөлүктөрүн аныктоо иретинде белгиледик. Изилдөөнүн **объекти** катары 7-11 жашка чейинки мектеп окуучуларынын дене тарбия процесси, ал эми **предмети** – балдардын дене бой жана физикалык жактан өсүп жетилүү көрсөткүчтөрү тандалып алынды.

Изилдөөдө төмөндөгү **илимий методдор** колдонулду: адабий булактарды анализдөө; балдардын дене бой көрсөткүчтөрүн ченөө (бойдун узундугу, дененин салмагы, Кетле индекси); физикалык негизги беш сапатты тестирлөө: 30 метр аралыкка жүгүрүү (ылдамдык), 4х9 метр аралыкка челнок ыкмасы менен жүгүрүү жана ордунан туруп узундукка секирүү (ыкчамдык), 1500 метр аралыкка жүгүрүү (чыдамкайлык), турникке тартынуу (күч) жана омуртка тутумунун абалын баалоо (ийилчээктик); тестирлөөдө топтолгон маалыматты математикалык-статистикалык анализден өткөрүү, окуучулардын көрсөткүчтөрүн расмий нормативдерге салыштыруу жана изилдөөнүн жыйынтыктарын талдоо.

Изилдөө жүргүзүү үчүн Кара-Кулжа району тандалып алынды. Анткени, райондогу 56 мектептин жарымынан көбү (61% түзгөн 34 мектеп) орто жана бийик тоолуу аймактарда жайгашкан. Ал эми 7-11 жаш курактагы окуучулардын саны 8047 барабар. Ушул жагдайларды эске алуу менен тестирлөөгө орто бийик тоолуу аймакта, деңиз деңгээлинен 1272 м бийиктикте жайгашкан Кара-Кочкор айылындагы Ш. Исмаилов атындагы жана кошуна Сары-Булак айылындагы К. Жантошев атындагы орто мектептерден 169 окуучу, ал эми бийик тоолуу аймакта, 2100 м бийиктикте Ой-Тал айылындагы К. Орунбеков атындагы жана 2156 м бийиктиктеги Көңдүк айылындагы Нурмамат уулу Садыркул атындагы мектептен 123 окуучу тартылды. Бардыгы болуп тестирлөөдөн 292 окуучу өттү.

**Негизги мазмун.** Адабий булактардын анализи биздин изилдөөнүн объектине жана предметине жакын илимий изилдөөлөр негизинен төмөндөгү багыттар боюнча жүргүзүлгөнүн тастыктады.

Белгилүү физиолог, профессор Б. Турусбековдун эмгектери Кыргызстандын бийик тоолуу шартында жашаган адамдардын адаптация болуу түрлөрүн, формаларын жана механизмдерин изилдөөгө, спорт менен машыккан балдардын физиологиялык жактан өсүшүн, ишке болгон жөндөмдүүлүгүн жана функционалдык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө арналып, алардын вегативдик жана соматикалык өсүү нормаларын аныктаган. Бийик тоолуу аймакта жашаган 5-6 жаштагы балдардын дене бой жактан жетилишин жана дем алуу көрсөткүчтөрүнүн деңгээлин аныктоо, аларды жакшыртуу максатында кыргыздын улуттук кыймылдуу оюндарын каражат катары колдонуу маселелерин биология илимдеринин кандидаты, профессор Ж. Абдрахманова профессор Б.Турусбековдун жетекчилиги менен жүргүзгөн [1]. Орто жана бийик тоолуу аймактардын климаттык өзгөчөлүктөрүн жогорку квалификациялуу спортсмендерди спорттук мелдештерге даярдоодо колдонуу проблемалары кеңири изилденген. Мындай багыттагы алгачкы жана салмактуу изилдөөлөрдүн көч башында биология илимдеринин доктору, профессор Д.А. Алипов турат. Кийинчерээк орто бийиктиктеги тоолуу аймактарды спортсмендерди машыктыруудагы илимий-методикалык аспектилери, өзгөчө акклиматизация жана түздүктө реакклиматизация фазаларын уюштуруунун теориялык жана методикалык негиздерин аныктоо педагогика илимдеринин доктору, профессорлор Ф.П.Суслов, Е.Б. Гиппенрейтер, Ж.К. Холодов тарабынан изилденген [2]. Бирок, адабий булактардын анализи орто жана бийик тоолуу аймактарда жашаган окуучу балдардын дене бой жактан жетилишин, өзгөчө алардын физикалык даярдыгын изилдеген педагогикалык багыттагы илимий изилдөөлөрдүн предмети боло электигин тастыктады.

Балдардын дене бой жактан жетилүү көрсөткүчтөрүн ченөө жана анализдөө бир катар тенденциялардын орун алаарын көрсөттү. Орто бийик тоолуу аймакта жашаган 7-11 жаштагы эркек балдардын боюнун узундугу орто эсеп менен 124,27 см ден

147,02 см чейин өссө (өсүү чоңдугу 22,75 см, 1-2 сүрөттөр), бийик тоолуу аймакта жашагандардын бойлорунун узундугу 125,75 см ден 139,42 см чейин (13,67 см, 2-сүрөт) өсөөрү аныкталды. Бийик тоолуу аймакта жашаган балдардын боюндагы айырма жыл сайын чоңоюп олтурат жана окуучулар 5-класка жеткенде олуттуу айырмачылык менен коштолот. Биздин маалыматтарга таянып мындай айырма 9,08 см түзөөрү, статистикалык өңүттө ишенимдүү экендиги (P ≤ 0,05) бышыкталды. Ошону менен бирге балдардын боюндагы узундуктун орточо чоңдугу негизинен адабий булактарда сунушталган бааларга таянсак «орто», – деген баага татыктуу деп бааланды.

Ошол эле мезгилде, бийик тоолуу аймактарда жашаган балдардын дене салмагы орто бийиктиктеги тоолуу аймакта жашагандарга караганда башкача динамика менен мүнөздөлөөрү, б.а. бешинчи класка чейин эки толкундун орун алышы аныкталды. Толкундун төмөндөшү 2-чи жана 5-чи класстарга карата орун алып, дене салмагынын бир аз азайышы менен коштолоору белгиленди. Адабий булактарда белгиленген нормаларга карата орто бийик тоолуу аймакта жашаган 1-класстын окуучуларынын дене салмагы «ортодон төмөн» болсо, кийинчерээк (2-3-класстарда) дене салмагындагы артта калуу жоюлуп «орто» деген баа, ал эми 4-5-класстарда – «ортодон жогору» деген баа коюлду, б.а. дене салмагындагы өсүү тенденциясы бышыкталды. Ал эми бийик тоолуу аймактар үчүн дене салмагында артта калуу фактысы аныкталган жок, тескерисинче 1-класстан баштап эле дене салмагы «ортодон жогору» экендиги, кийинчерээк «орто» (2-класс), кайрадан «ортодон жогору» (3-класс), «жогору» (4-класс) иретинде бааланып, 5-класска жеткенде нормалдашуу жагдайы орун алды («орто» деген баа коюлду). Белгиленген фактылар бийик тоолуу аймакта жашаган окуучулардын дене салмагы бир калыпта өзгөрбөө тенденциясы менен мүнөздөлдү (баалоо нормалары тиркемеде).




*1-сүрөт. Орто бийик тоолуу аймакта жашап-окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын бой узундук, дене салмактык жана ИМТ көрсөткүчтөрү*




*2-сүрөт. Бийик тоолуу аймакта жашап-окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын бой узундук, дене салмактык жана ИМТ көрсөткүчтөрү*

Демейде дене бой көрсөткүчтөрүн баалоодо интегралдык мааниге ээ болгон Кетле индексин колдонуу сунушталат. Аталган индекс (индекс массы тела – ИМТ) баланын бой узундук жана дене салмактык ченемдеринин катышы иретинде аныкталып, алынган көрсөткүчтү баалоо беш баскычтагы баа менен бааланат. Алар дене салмагындагы «олуттуу жетишсиздик», «жетишсиздик», «нормалдуу салмак», «ашыкча салмак» жана «олуттуу ашыкча салмак» иретинде мүнөздөлөт (баалоо нормалары тиркемеде).

Жогоруда белгиленген баалоо ыкмасын жетекчиликке алып орто жана бийик тоолуу аймактарда жашап жана окуп жаткан эркек балдардын ИМТ чондуктарын баaладык жана төмөндөгү тенденцияларды аныктадык (1-таблица). Орто бийиктиктеги тоолуу аймакта мектепке жаңы барган балдардын дене бой жетилиши «олуттуу жетишсиз» деген баага татыктуу болуп, 2-класста окуган учурда баштапкы кырдаал бир аз жакшырып, коюлган баа кийинки «жетишсиз» деген баскычка өттү. Ал эми дене-бой катышынын нормалдуу жетилиши окуучулар 3-4-класстарда окуп жаткан мезгилге туура келсе, 5-класска көчкөндө, тилекке каршы, «ашыкча» баасы менен баалана баштады. Изилдөөдө аныкталган тенденция орто бийиктиктеги тоолуу аймакта жашап жана окуп жаткан балдардын дене бой жактан жетилишин максаттуу башкаруу зарылдыгы бар экендигин көрсөттү. Ал эми бийик тоолуу аймакта жашап жана окуган окуучуларга кайрылып, дене-бой катышындагы «жетишсиз» деген баа дээрлик 1-3-класстарда окуу мезгилин толугу менен камтыганын, 4-5-класстарда окуган мезгилде нормалдашаарын тастыктадык.

| Белгилер | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс | 5-класс |
|---|---|---|---|---|---|
| Орто бийик тоо аймагы ИМТ чоңдугу, бааланышы | 13,04 Олуттуу жетишсиз | 14,01 Жетишсиз | 16,07 Норма | 19,9 Норма | 18,62 Ашыкча |
| Бийик тоо аймагы ИМТ чоңдугу, бааланышы | 14,73 Жетишсиз | 15,11 Жетишсиз | 16,0 Жетишсиз | 21,0 Норма | 20,0 Норма |

*1-таблица. Орто жана бийик тоо аймактарында жашаган окуучулардын ИМТ чөндугу жана бааланышы*

Биздин оюбузча, орто жана бийик тоолуу аймактарда туруктуу жашап жана окуган 7-11 жаштагы балдардын кыймыл аракет активдүүлүгү жетишсиз, аны оптималдаштыруу маселеси изилдөөдө аныкталган тенденцияларды эсепке алуу менен чечилиши зарыл деген тыянакты негиздейт.

Балдардын физикалык негизги беш сапаттарын тестирлөө төмөндөгү натыйжалар менен коштолду.

Ылдамдык сапаты 30 метр аралыкка жүгүрүү тестинин жардамы менен аныкталып төмөндөгү жагдайларды аныктады (3-сүрөт). Бийик тоолуу аймакта жашап-окуган балдардын ылдамдык сапаты орто бийиктиктеги тоолуу аймакта жашаган балдарга караганда салыштырмалуу жакшы экендиги аныкталды. Ылдамдыктын жакшыруу темпи өзгөчө 1-3-класстарда окуган мезгилди камтыса, кийинчерээк (4-5-класстарда) аталган тенденцияда кадыресе жайлануу орун алды. Бирок, физкультура предметинин окуу программасында көрсөтүлгөн нормаларды жетекчиликке алсак, анда 5-класста окуган жана тестирлөөгө катышкан балдардын 42,8% – эки, 1,7% – үч, 39,3% – төрт деген баага татыктуу болуп, беш деген баанын талаптарын бир да окуучу аткара алган жок.

Демек, орто жана бийик тоолуу аймакта туруктуу жашап жана окуган 7-11 жаштагы балдардын ылдамдык сапатынын олуттуу өрчүтүү маселеси бар экендиги тастыкталды.




*3-сүрөт. Орто жана бийик тоолуу аймакта жашап жана окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын ылдамдык сапатынын көрсөткүчтөрү*

Ыкчамдык сапаты 4х9 метр аралыкка челнок ыкмасы менен жүгүрүү жана ордунан туруп узундукка секирүү тесттери менен бааланды (4-5-сүрөттөр). Бийик тоолуу ай-макта жашап жана окуган балдардын ыкчамдык сапаты алардын ылдамдык сапатынан айырмаланат деген тыянакты негиздеди. Анткени,1-чи класста окуган бийик тоолуу аймакта жашаган балдардын ыкчамдыгы челнок ыкмасындагы жүгүрүүдө салыштырмалуу жакшы экендиги белги-ленди. Бирок, мындай жагдай кийинки жылдары (2-4-класстарда) кайталанбады жана 5-класста окуган мезгилде олуттуу артта калуу менен коштолду. Арта калуу чондугу тестирлөөнүн жыйынтыгына ыла-йык 11,24 – 10,80 = 0,44 сек барабар жана ынанымдуу ($P \leq 0{,}05$) болду. Тестирлөөдөн алынган маалыматты предметтин окуу программасында көрсөтүлгөн нормалар менен баалоо бардык балдардын ыкчамдык сапатынын кескин төмөн экендигин тастык-тады. Анткени, 35,7% окуучуга эки, 64,3% окуучуга үч деген баа коюлду. Ыкчамдык сапатын кошумча тактоо иретинде баалаган тестте (ордунан туруп узундукка секирүү) 1-2-класстарда окуган балдарга карата олуттуу айырмачылыктын жоктугун, ал эми 3-5-класстарда бийик тоолуу аймакта жашаган-дардын бир аз артта калышы менен кош-толоорун бышыктады.




*4-сүрөт. Орто жана бийик тоо аймактарында жашап жана окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын ыкчамдык сапатынын челнок тестинде алынган көрсөткүчтөрү*




*5-сүрөт. Орто жана бийик тоо аймактарында жашап жана окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын ыкчамдык сапатынын ордунан туруп узундукка секирүү тестинде алынган көрсөткүчтөрү*

Чыдамкайлык сапатын 1500 метр аралыкка жүгүрүү тести менен баалоо (6-сүрөт). Бийик тоолуу аймакта жашап жана окуган балдардын аталган сапаты негизинен 2-класста окуган мезгилден баштап жакшыра баштаганын тастыктады. Тестирлөөдө алынган маалыматка ылайык олуттуу жакшыруу 4 минута 24 сек түздү. Бирок, мындай тенденция кийинки класстарда окуган мезгилде уланбай, тийиштүү темптин басаңдашы 5-класска чейин орун алды. Чыдамкайлык сапатын баалоо ыкмасында окуу программасы тарабынан 1500 м аралыкка жүгүрүү боюнча конкреттүү норма каралган эмес (убакытты эсепке албай финишке жүгүрүп жетүү талабы коюлган). Ага байланыштуу, орто жана бийик тоолуу аймактарда жашаган 7-11 жаштагы бардык балдардын чыдамкайлык сапаты расмий талаптарга жооп берет деген тыянакты белгилөө негиздүү деп эсептесе болот.




*6-сүрөт. Орто жана бийик тоо аймактарында жашап жана окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын чыдамкайлык сапатынын 1500 м жүгүрүү тестиндеги көрсөткүчтөрү*

Күч сапатын турникте тартынуу тести менен баалоо колдонулду (7-сүрөт) жана төмөндөгү тенденция аныкталды. Тестирлөөдө алынган маалыматка таянып орто жана бийик тоолуу аймакта жашаган бардык балдардын күч сапаты өтө начар экендигин, окуу программасында каралган талаптарды 2 (канааттандыраарлык эмес) деген баага аткараарын, 1-5-класса чейин олуттуу жакшыруу орун албагандыгын белгилейбиз.




*7-сүрөт. Орто жана бийик тоо аймактарында жашап жана окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын күч сапатын турникте тартынып тестирлөөнүн көрсөткүчтөрү.*

Ийилчээктик сапатын гимнастикалык скамейкада туруп тулку бой менен алдыга карай эңкейип, колдун манжаларынын учун отургуч тактайдан ары өткөрө алуу аралыгын ченөө аркалуу баaладык. Алынган натыйжа, эгерде кол манжалары отургуч тактайдан ары өтсө +, жетпей калса – белгилери менен белгиленди, см бирдиги менен ченелди жана төмөндөгү маалыматты топтоого негиз болду (8-сүрөт). Биринчиден,

тестирлөөгө катышкан бардык балдардын ийилчээктик сапаты жакшы жана алынган натыйжалардын оң экендигин белгилейбиз. Экинчиден, орто жана бийик тоолуу аймакта жашаган жана 1-класста окуган балдардын ийилчээктик сапатында олуттуу айырма жок экендиги, 2-класстан 5-класска чейин бийик тоолуу аймакта жашаган балдардын ийилчээктик сапаты кадыресе жогору экендиги (Р ≤ 0,5). Анткени, 78,8% окуучунун ийилчээктиги беш деген баага татыктуу болуп, эки деген бааны алган окуучулардын көлөмү 7,14% түздү. Үчүнчүдөн, окуу программасында көрсөтүлгөн нормалардын жакшы аткарылышы бийик тоолуу аймакта жашаган балдарга мүнөздүү экендиги.




Жыйынтыктоо иретинде, орто жана бийик тоолуу аймактарда туруктуу жашап жана окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын физикалык жактан жетилүүсүн негизги сапаттарды тестирлөө аркылуу баалоо алардын структуралык өнүттөгү ар түрдүү деңгээлде орун алаарын, мүнөздүү тенденциялар менен коштолуусун тастыктады жана төмөндөгү тыянактарды негиздөөгө мүмкүндүк берди.

**Тыянактар.**

1. Адабий булактардын анализи орто жана бийик тоолуу аймактарда туруктуу жашап жана окуган 7-11 жаштагы эркек балдардын дене бой жактан жетилишин, өзгөчө алардын физикалык даярдыгын баалаган педагогикалык багыттагы илимий изилдөөлөрдүн жетишсиздиги аныкталды.

2. Орто жана бийик тоолуу аймактарда туруктуу жашап жана окуган 7-11 жаштагы балдардын дене бой жактан жетилиши жана физикалык даярдык деңгээли негизинен начар, алардын кыймыл аракет активдүүлүгү жетишсиз экендиги жана аларды оптималдаштыруу маселесин колго алуу зарылдыгын бышыктады.

***Адабияттар:***


1. Турусбеков, Б.Т., Абдрахманова, Дж. О. Национальные подвижные игры как средство укрепления физического развития и показателей внешнего дыхания детей 5-6 лет, проживающих в условиях среднегорья Кыргызстана [Текст] / Вестник КРСУ. – 2014. – Том 14. № 5 – С. 178-181.
2. Суслов, Ф.П., Гиппенрейтер, Е.Б., Холодов, Ж.К. Спортивная тренировка в условиях среднегорья [Текст] – Москва, 1999. – 202 с.
3. Предметные стандарты и учебные программы по физической культуре. – Бишкек, 2022. – С. 31. [Электронный ресурс]: https: // kao. kg/wp-content.
4. Туребеков Б., Мамытов А. Влияние трехразовых уроков физической культуры в неделю на физическое развитие учащихся начальных классов [Текст] / Известия

Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2018. – № 1 (44). – С. 11-24.

5. Туребеков Б., Мамытов А. Изменение физической подготовленности учащихся 1-2 классов под воздействием модернизированного, трехразового в неделю занятий физической культурой [Текст] / Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2019. – № 2 (48). – С. 3-10.

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ
ОБРАЗОВАНИЕ И ИННОВАЦИИ
EDUCATION AND INNOVATION

***Кабылова Света Амантуровна,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***аспирант,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: Svetaamanturovna@gmail.com***

# ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУДА ИЛИМИЙ МЕТОДДОРДУН РОЛУ

***Кабылова Света Амантуровна,***
***аспирант,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: Svetaamanturovna@gmail.com***

# РОЛЬ НАУЧНЫХ МЕТОДОВ В ФОРМИРОВАНИИ ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ

***Kabylova Sveta Amanturovna,***
***Researcher,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***e-mail: Svetaamanturovna@gmail.com***

# THE ROLE OF SCIENTIFIC METHODS IN THE FORMATION OF RESEARCH COMPETENCE

***Аннотация:*** *Макалада изилдөөнүн илимий методдорун колдонулуш ордун аныктоо каралды. Анализ жана синтез методдору аркылуу изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу көйгөйлөрүнүн изилдениш абалы аныкталды. Изилдөөдө студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча окутуучуларга жана студенттерге анкета аркылуу жеке сурамжылоо түрүндө жүргүзүлдү. Мындан окутуучулардын жоопторунда изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн эффективдүү өнүктүрүү үчүн кандай жакшыртууларды сунуштагандары жана кандай ресурстар зарыл экендиги көрсөтүлдү.*

***Аннотация:*** *В статье речь идет об определении места применения научных методов исследования. Исследовательский статус проблемы формирования исследовательских компетенций определялся с помощью методов анализа и синтеза. В ходе исследования был проведен персональный опрос анкетирование преподавателей и студентов по вопросам формирования исследовательских компетенций студентов. Кроме того, в ответах преподавателей указано, какие улучшения они предлагают и какие ресурсы необходимы для эффективного развития исследовательских компетенций.*

***Annotation:*** *The article deals with determining the place of application of scientific research methods. The research status of the problem of developing research competencies was determined using methods of analysis and synthesis. During the study, a personal survey of teachers and students was conducted on the issues of developing students' research competencies. In addition, faculty responses indicate what improvements they suggest and what resources are needed to effectively develop research competencies.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *илимий методдор, методология, изилдөөчүлүк компетенттүүлүк, технология, салыштыруу, чыгармачылык.*

***Ключевые слова:*** *научные методы, методология, исследовательская компетентность, технология, сравнение, творчество.*

***Key words:*** *scientific methods, methodology, research competence, technology, comparison, creativity.*

**Киришүү.** Жаңы стратегия ар бир студенттин чыгармачылык кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн аныктоого жана өнүктүрүүгө, анын өз алдынча окуу жана изилдөө ишмердигине түрткү берүүгө багытталган. Бул максатка жетүү студент менен окутуучунун ортосундагы байланышты жана алардын чыгармачылык менен өзүн өзү ырастоосун, ар бир студенттин өзүн өзү өнүктүрүүсүн камсыз кылган ар түрдүү билим берүү чөйрөсүн уюштуруу шартында мүмкүн болот.

**Изилдөөнүн максаты.** Студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясын түзүүнүн илимий методдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдети.** Бул көйгөйдү изилдөө үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1. Окумуштуулардын көз караштарына талдоо жүргүзүү;
2. Илимий методдорду ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн методдору.** Коюлган максат жана милдеттерге ылайык, изилдөөнүн төмөнкү илимий методдору колдонулду: *синтез жана анализ изилдөөчүлүк методдору, салыштыруу, байкоо жүргүзүү, моделдөө, анкеталык сурамжылоо, тестирлөө, педагогикалык эксперимент.*

**Негизги мазмуну.** Бул макалада изилдене турган негизги маселе илимий изилдөөдөгү максаттардын аткарылыш жетишкендиктери анда колдонгон методдорго байланыштуу. Метод (грекче «методос» – жол, изилдөө, окутуу, аракеттенүү ыкмасы) – кандайдыр бир максатка жетүүгө арналган туруктуу эрежелер топтому. Метод илимдин негизги милдетин – чындыктын объективдүү мыйзамдарын ачуунун куралы болуп саналат. Ал анализдин жана синтездин, теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдү салыштыруунун зарылдыгын жана колдонулуш ордун аныктайт. Бул изилдөөчүнүн ой жүгүртүүсүнүн куралы болуп саналат [1, 23-б.].

Жогорудагы негизги жалпы илимий методдор компетенттүүлүк мамиле (И.А. Зимняя, Ж. Равен, А.В. Хуторской ж.б.) изилдөөчүлүк предметтин билим берүү чөйрөсүнүн иштешинин жана өнүгүшүнүн теориялык негиздери болуп саналат, бул чөйрөдө студенттин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүүнү кароого мүмкүндүк берет [3]. Ф.Бэкон туура илимий методду караңгыда саякатчынын жолун жарык кылган чырак менен салыштырган [10].

Компетенттик мамилени аныктоонун жыйындысы, билимин, жөндөмүн жана көндүмдөрүн, баалуулуктарын, сапатын жана зарыл болгон ишин билет. Керектүү негизги түшүнүктөр такталды, «Изилдөө компетенциясы», «изилдөө компетенттүүлүгү» деген түшүнүктөргө аныктамалар берилген, «изилдөө компетенциялары» түшүнүгүнүн инварианттык ядросу ачылган [2].

Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк студенттерди изденүүчүлүккө, коюлган көйгөйдү чечүүдө тиешелүү маалыматтарды издеп табууга, аларды сын көз караш менен иргеп алууга, аларды жалпылаштырып, системалаштыруунун негизинде жаңы билимдерди таап, иштеп чыгууга көнүктүрөт.

Кандай гана илимий изилдөө болбосун, ар түрдүү билим формаларын тарткандагы

иреттүүлүктү аныктаган, илимий изилдөөнүн негизги принциптерин ишке ашырууга мүмкүндүк берген, методологияга таянат.

Методология – теориялык жана практикалык иштерди уюштуруунун жана куруунун принциптеринин жана ыкмаларынын системасы, ошондой эле бул системанын доктринасы. Методология илимий гана эмес, ошондой эле техникалык, педагогикалык жана башкаруучулук иш-аракеттердин бардык түрлөрүн уюштурууда жана жөнгө салууда камтылган.

Методология оптималдык жыйынтыкты алууга багытталган, изилдөө предметин, максатты, изилдөө жүргүзүүнүн мамилесин, багытын, каражат жана методдорун аныктоодон турган, адамдын ойго шайкеш ишмердиги тууралуу окууну айтабыз. Адабияттарда бул терминди, таанып билүү илимий методу, ыкма, каражаттары жөнүндө окуу, ошону менен бирге кандайдыр бир илимий областта колдонуучу методдор тобу катары да түшүнүшөт [4, 23-б].

*Анализ* (байыркы грек тилинен ἀνάλυσις – бөлүү, ажыратуу) – бүтүн объектини бөлүктөргө ажыратып, алардын ар бирин өз алдынча үйрөнүү методу. Анализ – кандайдыр бир объектти, кубулушту же системаны изилдөөдө себеп-натыйжа байланыштарын талдоо жана табууга камтылган изилдөө методологиясы [9]. Талдоодо 2 негизги процедураны камтыйт: 1) бүтүндү бөлүктөргө бөлүү; 2) бул бөлүктөрдүн ар биринин иштешин жакшыртуу. Бирдиктүү педагогикалык процессте анализ реалдуу практикалык иш-аракеттер менен катар ойдогу акыл аракеттер аркылуу дагы ишке ашырылат. Изилдөө иште анализдөө метод изилдөөчүлүк ишмердүүлүк, изилдөөчүлүк компетенттүүлүк тууралуу окумуштуулардын берген аныктамаларына жана окуу китептерине талдоо жүргүзүүдө, нормативдик документтерди иликтөөдө, эксперимент учурунда окутуучулардын жана студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүнүн өнүгүүсүн аныктоого карата анкета жүргүзүүдө колдонулат.

*Синтез* (грек тилинен synthesis – байланыш) – мурда бөлүнүп кеткен изилдөө материалдарын байлап чогултат, жаңы түшүнүк, принцип, концепцияларды талдоодо 2 негизги процедураны камтыйт [6]: 1) тандалган бөлүктөрдүн мүнөздөмөлөрүн макулдашуу; 2) аларды бир бүтүнгө бириктирүү. Анализ учурунда бөлүнүп алынган түшүнүктөр бириктирилди, сабактарга катышууда жана анкета жүргүзүүдө изилдөөчүлүк компетенттүүлүк түшүнүгү жетишсиз экендиги аныкталды.

*Салыштыруу методу* – жалпы окшоштуктарын же айырмасын билүү максатында белгисиз бир обьектинин же кубулуштун мүнөздөмөсүн белгилөөнүн мүнөздөмөсү менен салыштыруу. «Виртуалдык дүйнөнү түшкө салыштырса болот. Тышкы дүйнө мындан ары аң-сезимге мынчалык тажатпайт жана адам учурдагы окуялардан баш тарта алат» [5, с. 27].

Бул методдо төмөнкүлөр бөлүп көргөзүлөт:

1) Базалык көрсөткүчтөргө караганда изилденип жаткан көрсөткүчтөрдүн абсолюттук жана салыштырмалуу четтеп кеткенин аныктоого карата кылынган – горизонталдык салыштырмалуу анализ. Бул метод окумуштуулардын аныктамаларына жана окуу китептерине талдоо жүргүзүүдө изилдөөлөрүнүн аныктамаларына мүнөздөмө берүүдө, сабактарга катышууда, окуу китептерин талдоодо, окутуучулардын жана студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча анкета жүргүзүүдө көрсөтүлдү.

2) Көрсөткүчтөрдүн салыштырмалуу өсүү темпин билүүдө колдонулган анализ, динамиканын катарын изилдөөгө арналган – вертикалдык салыштырмалуу анализ. Көпчүлүк учурда салыштыруу жүргүзүү үчүн эксперименттик жана контролдук группалар тандалып алынат.

*Моделдештирүү методу* – изилдөө маселелерин чечүү үчүн ыңгайлуу болгон жана биринчи объект менен белгилүү бир дал келген башка моделдин касиеттерин изилдөө жолу. Педагогикада көбүнчө процессти белгилер аркылуу моделдештирүү

колдонулат [6]. Алар схема, таблица, сүрөт, график жана башка түрлөрдө берилет. Моделдештирүүдө берилген аныктамаларды талдоо менен компетенттүүлүктүн негизги компененттеринин категориялары, изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн тизмеси, мазмуну, катышы, байланышы аныкталат.

*Байкоо жүргүзүү методу* – кеңири колдонулган, көп каражатты жана убакытты талап кылбаган изилдөө методу. Байкоо жүргүзүү методун изилдөөчүлүк компетенттүүлүктү калыптандырууда экиге бөлүп кароого болот:

1. Туташтырылган (байкоочу социалдык чөйрөгө киргенин имитациялайт, окуяны ичтен талдап, анда адаптацияланат).

2. Жөнөкөй (байкоочу окуяны башка жактан регистрациялайт).

Кээде байкоо жүргүзүү методун түз жана кыйыр деп экиге бөлүп карашат:

1. Түз (коммуникация менен же тикеден тике реалдуу убакыт масштабында).

2. Кыйыр (орточо байланыш, убактылуу байкоо режимин дифференциялоодо). Байкоо жүргүзүү методунун максаты – кырдаалдын тиги же бул өзгөчөлүгүнүн бар же жогун ырастаган бир катар фактыларды алуу болуп саналат.

Байкоо методунун жетишпеген жактары:

- байкоочу каралган моментте жана өз ордунда болгон окуяны гана фиксациялайт;
- байкалуучу окуяны кайра карашка болбойт;
- байкоо инсандын иш-аракеттеринен гана маалымат берип, максатты, мотивин, баалуулуктарын кароо жактары чектелет;
- субьективдүүлүк;
- метод пассивдүү, анткени маалымат алуу, байкоо моментиндеги обьектинин абалына байланыштуу.

Изилдөөнүн жүрүшүндө сабактарга катышууда окутуучулардын билим берүү изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнүнүн кандайча чечкендиги изилденди. Бул маселе боюнча топтолгон тажрыйбаларга байкоо жүргүзүү биздин теманын маанилүү милдетин чечүүгө, б.а. изилдөөнүн негизинде студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн кандайча аракеттерди көрүү керек деген суроого жооп берүүгө мүмкүндүк берет. Сабактарга катышууда окутуучулардын өзүн өзү өнүктүрүүсү, теориялык билимдерди практикада колдоно билүүсү, педагогикалык багыттуулугу ж.б. байкоочу тарабынан белгиленди.

*Анкеталык сурамжылоо методу* – изилдөөдө алгачкы маалыматты чогултуунун кеңири тараган методдорунун бири сурамжылоо болуп эсептелет [8]. Сурамжылоо жүргүзүү аркылуу алынган маалыматтын ишенимдүүлүгү жана аныктыгы эң алгач тандаманын репрезентативдүүлүгү (тактыгы) менен байланыштуу. Бул ыкманын негизги куралы болуп анкета эсептелет. Кандай болгон күндө дагы берилген суроолор логиканын талаптарына жооп берүүсү зарыл жана сурамжылоо учурунда түзүлгөн абалды, сурамжылоого катышуучулардын психологиялык мүнөздөмөлөрүн эске алуусу шартка туура келет. Анкеталык сурамжылоо методу 3 түрдө берилет:

1) Жеке сурамжылоо (бир респондент);

2) Топтук сурамжылоо (бир нече респондент);

3) Массалык сурамжылоо (жүздөгөн миңдеген респонденттерге чейин).

Изилдөөдө студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча окутуучуларга жана студенттерге анкета аркылуу жеке сурамжылоо түрүндө жүргүзүлдү. Мындан окутуучулардын жоопторунда изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн эффективдүү өнүктүрүү үчүн кандай жакшыртууларды сунуштагандары жана кандай ресурстар зарыл экендиги да көрсөтүлдү. Сурамжылоого катышкан студенттердин болжол менен жарымы практикалык сабактарга даярданууда окуу китептерин же лекциялардын конспекттерин гана колдонорун айтышты. Алардын басымдуу көпчүлүгү сунуш кылынган кошумча адабияттарды окубай жаткандыгы аныкталды. Ушул себептерден улам аларда илимий адабияттар менен иштөө, анын ичинде алгачкы булактардан жыйынтыктоо жана конспект алуу ыкмалары жетишсиз, ошондой эле бул көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги тыянактарын аныктоо жана изил-

дөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү жөндөмдөрү жетишсиз экендиги байкалды.

*Тестирлөө методу* – тест субъектинин бир катар атайын тапшырмаларды аткаруу ыкмасын талдоо аркылуу билимдин, көндүмдөрдүн, жөндөмдөрдүн жана башка инсандык сапаттардын деңгээлин, ошондой эле алардын белгилүү стандарттарга ылайык келүүсүн аныктоого мүмкүндүк берген изилдөө ыкмасы [4]. Мындай тапшырмалар адатта тесттер деп аталат. Тест – изилдөөчүгө изилденүүчү касиеттин предметте көрсөтүү даражасын, анын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле айрым объекттерге болгон мамилесин диагностикалоого мүмкүндүк берүүчү стандартташтырылган тапшырма же атайын түрдө байланышкан тапшырмалар болот. Текшерүүнүн натыйжасында, адатта, инсанда изилденип жаткан белгинин оордук даражасын көрсөтүүчү белгилүү бир сандык мүнөздөмө алынат. Ар бир тестин, тестирлөөнүн максатына карата алынган маалыматты иштеп чыгууга жардам берүүчү ачкычы болуусу кажет. Тестирлөө методунун максатында ылайык төмөнкүдөй эрежелер бар:

- тест кыска жана түшүнүктүү болуусу шарт;
- тест күтүлгөн жоопко, туура жоопко карата жөлөп айтуу болбош керек;
- структуралдашкан жооптун ар бир тестке карата саны бештен кем жана он бирден көп болбоосу кажет;
- тест, негативдүү же позитивдүү пикир айтылган толук сүйлөмдөн турбоосу шарт.
- ар бир тесте бир гана туура нерсени бекитүү кажет;

Тести иштеп чыгууда төмөнкү анын негизги мүнөздөмөлөрүн эсепке алуу зарыл:

- *Бекемдик* – ченөө мүмкүнчүлүгү, айтылган сөздү сандык көрсөткүчтөргө которуу; Аны текшерүүдө, кайталап тестирлөө, параллелдүү тестирлөө, айтылган сөздү коррекциялоо, дисперциялык анализ, факторлук анализдер, колдонулат.
- *Валиддүүлүк* – ойлонулганды көрсөтүү жана ченөө жөндөмдүүлүгү. Тесттин валиддүүлүгүн бөлөк методдордун жардамы менен алынган жыйынтыктарга салыштырып аныктаса болот.

Тести жасоодо төмөнкү талаптарга жооп берүү кажет:

- тести түзүүдө жогорку деңгээлде билим, тажрыйбалуу адистер катышуусу абзел;
- тестин жыйынтыктарын, тестирлөөнү уюштуруучулар бекем сыр катары сактоосу керек;
- тестирлөө жыйынтыктары түшүнүүгө оңой формада болуусу абзел;
- тестирлөө убагында эч ким жолтоо болбоосу шарт.

*Эксперимент методу.* «Эксперимент» түшүнүгү латын сөзүнөн алынып, «тажрыйба», «сыноо» деген маанини билдирет. Эксперимент методу – көз карандысыз өзгөрмөгө дуушар болгон эксперименталдык топ менен ага дуушар болбогон контролдук топту салыштыруу аркылуу эксперименталдык гипотезаны текшерүүнүн илимий ыкмасы [7]. Эксперименттин өткөрүлүш шарты боюнча табигый (кадимки билим берүү процесинин шартында) жана лабораториялык (атайын жасалма шарттарды түзүү) деп бөлүүгө болот. Ал эми максаты боюнча констатациялоочу (көйгөйдүн практикалык абалын аныктоого багытталган), изденүүчү (жумушчу гипотезанын тууралыгын чакан чөйрөдө текшерүүгө багытталган), текшерүүчү же калыптандыруучу (алынган теориялык тыянактардын тууралыгын, иштелип чыккан методикалык эффективдүүлүгүн текшерүүгө багытталган) деген түрлөргө да бөлүнөт.

Эксперимент жүргүзүүдө текшерилүүчү факторлордон башкалары толугу менен теңдештирилүүгө тийиш. Эксперимент методу бир катар этаптардан турат:

1. Теориялык этап. Мында изилдөө көйгөйүн формалдоо жүргүзүлөт (обьект, предмет, максат, изилдөө гипотезасы), эксперименталдык маселелер аныкталат.

2. Эксперимент жүргүзүү программасын иштеп чыгуу (эксперимент жүргүзүүнүн бардык процедуралары – маселелерди аныктоодон практикалык аткарууга чейинки иштер).

3. Эксперимент программасын аткаруу (эксперименттик кырдаалды түзүү жана экспериментти тикеден-тике аткаруу).

4. Жыйынтыктарды анализдөө жана баалоо (баштапкы жаңылыктарынын өзгөрүшү, колдонуу масштабы, күтүлгөн эффект).

Иштелип чыккан технологиянын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана методикалык сунуштарды иштеп чыгуу аткарылат.

Биздин изилдөөбүздүн максатына жана коюлган милдеттерине ылайык студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясын иштеп чыгуу зарыл.

**Жыйынтык:** Жогорудагы айтылгандарды анализдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй корутунду чыгарсак болот, студенттер үчүн, өз кезегинде, изилдөөчүлүк компетенттүүлүккө ээ болуу, албетте, абдан маанилүү. Окуу процессинде билимди өздөштүрүү процессинде изилдөө чөйрөсүнө көп жолугат. Ар кандай рефераттар, тесттер, лабораториялык жана курстук иштер, дипломдук долбоорлор, илимий иштер илимий-изилдөө иш-аракеттеринин айрым варианттары болуп саналат. Илимий-изилдөө иш-аракеттерин аткарууда студент изилдөө көйгөйүн так көрүүгө үйрөнөт, белгилүү жана белгисизди талдайт жана анализдин негизинде маселени чечүү үчүн өзүнүн субъективдүү гипотезасын ортого салып, аны негиздейт. Окулган материалды талдап, изилдөөнүн компетенттүүлүгү – бул илимий билимге жана көндүмгө ээ болуу деген жеке сапаттардын жыйындысы деген тыянак чыгарууга болот.

Илимий методдордун теориялык анализин жыйынтыктап, биз окутуунун конкреттүү ыкмаларын аныктадык, алар окуу процессине киргизилгенде студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

***Адабияттар:***

1. Атантаев И.А., Омурбекова М.О. Илимий изилдөө методдору. Жогорку окуу жайларынын менеджмент жана экономика адистиктеринин студенттеринин жана магистранттарынын окуу куралы. – Б., 2022. – 23 с.
2. Зимняя И.А. Ключевые компетенции – новая парадигма результата образования / И.А.Зимняя // Высшее образование. – 2003. – № 5. – С. 34-42.
3. Зикирова Г.Б., Таштемирова А.А., Турдубаева К.Т. Математика мугалиминин методикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу. – Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2021. – № 1 (53), – С. 40-46.
4. Калдыбаев С.К. Основы научных исследований [Текст] / С.К. Калдыбаев, Г.Ж. Мунайтпасова, Б.М. Биймурсаева. – Б., 2011. – 88 с.
5. Кабылова С.А. Интернет глобалдык мээ үчүн метафора катары. Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – № 2 (60), – С. 24-30.
6. Синтез // Малый энциклопедический словарь Брокгауза и Ефрона. – 2-е изд., вновь перераб. и значит. доп. Т. 1-2. – СПб., 1907-1909.
7. Казарина Л.А. Педагогические принципы формирования исследовательской компетентности учащихся профильных гуманитарных классов общеобразовательной школы // Изв. Самарского науч. центра Рос. акад. наук. – 2013. – Т. 15. № 2 (3). – С. 606–610.
8. Долженко Ю.Ю. Онлайн анкетирование как современный и эффективный способ исследования // [Электронный ресурс] // URL: http://cyberleninka.ru/article/n/onlayn-anketirovanie-kak-sovremennyy-i-effektivnyy-sposob-issledovaniya Загл. с экрана. Яз. рус.,(дата обращения 22.01.2016)
9. https://educentr-kudrovo.vsevobr.ru/images/Documents/metod-raboty/material_medianar.pdf
10. Франциск Бэкон, Н.Г. Городенский его учение о методе и энциклопедия наук. Сергиев Посад. – 1915. – 101 с.

***Рецензиялаган:***
***Син Е.Е.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

***Талантбек кызы Альбина,***
***Кыргызская академия образования,***
***заведующая отделом,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: Talantbekovna.030715@mail.ru***

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ СТРАТЕГИИ И МЕТОДЫ РАЗВИТИЯ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННОЙ КОМПЕТЕНЦИИ У ПЕДАГОГОВ ДОШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

***Талантбек кызы Альбина,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***бөлүм башчысы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: Talantbekovna.030715@mail.ru***

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ПЕДАГОГДОРДУН МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК СТРАТЕГИЯЛАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

***Talantbek kyzy Albina,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Head of Department,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***e-mail: Talantbekovna.030715@mail.ru***

# PEDAGOGICAL STRATEGIES AND METHODS FOR THE DEVELOPMENT OF INFORMATION AND COMMUNICATION COMPETENCE PRESCHOOL TEACHERS

***Аннотация***: *Статья рассматривает исследования педагогических стратегий и методов развития информационно-коммуникационной компетенции у педагогов дошкольного уровня. Работа представляет систематизированный анализ современных подходов, включая онлайн-опросы, цифровые технологии в наблюдении, дизайн-мышление и коллаборативные онлайн-платформы для обучения и обмена опытом. В ходе исследования оценивается эффективность образовательных стратегий и их воздействие на информационную грамотность и коммуникативные навыки педагогов. Работа является эмпирическим исследованием, базирующимся на практических методах измерения и наблюдения, и представляет важный вклад в понимание методов развития информационной готовности у педагогов дошкольного уровня в условиях непрерывного профессионального образования.*

***Аннотация***: *Макалада мектепке чейинки билим берүүдөгү педагогдордун маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык стратегияларын жана методдорун изилдөө каралат. Иш онлайн сурамжылоолорду, байкоодогу санариптик технологияларды,*

*дизайн ой жүгүртүүсүн, окутуу жана тажрыйба алмашуу үчүн онлайн кызматташуу платформаларын камтыган заманбап ыкмалардын тутумдаштырылган анализин сунуштайт. Изилдөөдө билим берүү стратегияларынын натыйжалуулугун жана алардын маалыматтык сабаттуулукка жана мугалимдердин коммуникативдик көндүмдөрүнө тийгизген таасирин баалайт. Иш өлчөө жана байкоо практикалык методдордун негизинде эмпирикалык изилдөө болуп саналат жана үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү шартында мектепке чейинки билим берүү боюнча мугалимдердин маалыматтык даярдыгын өнүктүрүү ыкмаларын түшүнүү үчүн маанилүү салым болуп саналат.*

***Annotation****: The article is devoted to the study of pedagogical strategies and methods for the development of information and communication competence among preschool teachers. The work presents a systematic analysis of modern approaches, including online surveys, digital technologies in surveillance, design thinking and collaborative online platforms for learning and sharing experiences. The study evaluates the effectiveness of educational strategies and their impact on information literacy and communication skills of teachers. The work is an empirical research based on practical methods of measurement and observation, and represents an important contribution to understanding the methods of developing information readiness among preschool teachers in conditions of continuing professional education.*

***Ключевые слова:*** *информационно-коммуникационная компетенция, педагогические стратегии, дошкольное образование, непрерывное профессиональное образование, цифровые технологии, дизайн-мышление, коллаборативные онлайн-платформы, информационная грамотность, эмпирическое исследование.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүк, педагогикалык стратегиялар, мектепке чейинки билим берүү, үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү, санариптик технологиялар, дизайн ой жүгүртүүсү, онлайн кызматташуу платформалары, маалыматтык сабаттуулук, эмпирикалык изилдөө.*

***Key words:*** *information and communication competence, pedagogical strategies, preschool education, continuing professional education, digital technologies, design thinking, collaborative online platforms, information literacy, empirical research.*

**Введение.** Современное образование сталкивается с постоянными вызовами, требующими адаптации педагогической практики к быстро меняющемуся информационному ландшафту. В настоящее время информационно-коммуникационная компетенция (ИКТ-компетентность) является фундаментальным аспектом профессиональной подготовки педагогов дошкольного уровня. Она становится ключевым фактором в эффективном обучении и развитии детей, а также в повышении профессионального статуса педагога.

ИКТ-компетентность охватывает широкий спектр знаний, навыков и умений, необходимых для эффективного использования информационно-коммуникационных технологий в образовательном процессе. В контексте дошкольного образования, где игровые методики, творчество и социализация играют ключевую роль, развитие информационно-коммуникационной компетенции у педагогов становится основополагающим фактором для поддержки разностороннего развития детей.

**Цель исследования.** Цель данной статьи состоит в обсуждении различных педагогических стратегий и методов, направленных на развитие информационно-коммуникационной компетенции у педагогов дошкольного уровня. Анализ этих стратегий и методов не только раскроет сущность и значение ИКТ-компетентности в сфере дошкольного образования, но и выявит их эффективность в повышении качества образования и развития детей на ранних ступенях обучения.

Изучение данных стратегий и методов развития ИКТ-компетентности необходимо

для выработки рекомендаций и практических подходов, которые помогут педагогам успешно интегрировать информационные технологии в образовательный процесс для максимального раскрытия потенциала детей дошкольного возраста.

**Методы исследования.** При выявлении методов исследования и стратегий, направленных на развитие информационно-коммуникационной компетенции у педагогов дошкольного уровня, основными методами могут быть литературный обзор, эмпирическое исследование с использованием анкетирования и опрос, наблюдение и анализ практик, а также экспериментальные исследования.

**Основное содержание.** Одной из важных составляющих является информационно-коммуникационная готовность педагогов. В статье Э.А. Супатаевой отмечается, что «В XXI веке все больше внимания уделяется критическому мышлению, коммуникации и взаимодействию, а также творческому подходу к работе» [1, с. 34]. Также профессор Токсонбаев Р.Н. отмечает, что «... нужно формировать профессиональные компетенции учителей, которые помогут в углублении навыков о возможностях электронных носителей и цифровых технологий» [2, с. 53]. Такой подход требует эффективных стратегий, позволяющих педагогам уверенно ориентироваться в информационной среде, оперативно получать и обрабатывать необходимую информацию.

Ю.К. Бабанский, исходя из повышения качества профессионального уровня учителя путем усвоения новых методик, отмечает, что «Личностные особенности учителя весьма существенно затрудняли его работу по усвоению новой методики подготовки к урокам и их проведению» как отмечают [3, с. 55]. Однако, современные реалии требуют пересмотра подходов и внедрения комплексного подхода, акцентирующего внимание на формировании информационно-коммуникационной готовности, что согласуется с концепцией, описанной Кочуровой и другими исследователями [4, с. 53-56]. Это предполагает умение педагога свободно использовать средства ИКТ, ориентироваться в информационном пространстве и обеспечивать себя необходимым материалом для обучения.

Выбор методологии для данного исследования обусловлен несколькими факторами, включая оптимальность для поставленных целей, разнообразие данных и подходов, а также возможность сравнения и обобщения информации. Для проведения исследования по развитию информационно-коммуникационной компетенции у педагогов дошкольного уровня в условиях непрерывного профессионального образования использовались различные методы, способствующие анализу и формированию необходимых компетенций.

Польза от использования этих методов включает объективность данных, качественное понимание ситуации, стимулирование творческого мышления и разработку инноваций, а также создание возможности для коллаборации и обмена опытом между педагогами. Такой подход позволил получить более полное представление о компетенциях педагогов и эффективности используемых методов.

| Методы формирования компетенций | Виды деятельности | Формы деятельности |
|---|---|---|
***Аннотация****: Данная статья анализирует важность формирования музыкально-эстетической компетентности у учащихся 6 класса на уроке музыки. Именно в этом возрасте закладываются основы музыкального образования. В ходе обзора научной литературы зарубежных ученых рассмотрены методы развития музыкально-эстетической компетентности учеников 6 класса.*

***Annotation****: This article examines the significance of developing musical and aesthetic subject competence in 6th grade students during music lessons. It is widely recognized that this age is crucial for establishing the fundamentals of music education. Additionally, the article looks into various methods used by foreign scientists to foster musical and aesthetic subject*

*competence in students at the 6th grade level, drawing on a review of scientific literature.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *музыкалык-эстетикалык, музыка, предметтик компетенттүүлүк, принцип, музыкалык билим, технологиялар, компьютердик программалар, мультимедия.*

***Ключевые слова:*** *музыкально-эстетические, музыка, предметная компетентность, принцип, музыкальное образование, технологии, компьютерные программы, мультимедиа.*

***Key words:*** *musical and aesthetic, musical, subject competencies, principles, music education, technologies, and computer programs, multimedia.*

**Киришүү.** Музыка сабагы мектеп программасындагы эң эмоционалдуу жана маанилүү сабактардын бири. Бирок, музыка сабагында ийгиликтүү иштөө үчүн түшүнүү жана баалоо жөндөмү гана эмес, аны менен активдүү иштешүү да маанилүү. «...Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк – окуп-үйрөнүлүп жаткан чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо жөндөмдүүлүгү, салыштыруу, музыкалык чыгармаларын классификациялоо жана угуу аркылуу берилген бир же бир нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыкалык чыгармаларды аныктай билүү, аны талдоо жөндөмдүүлүгү, музыкалык түшүнүктөрдү колдонуу менен музыкалык образдар тууралуу ой пикирин айта билүү жөндөмдүүлүгү…» [1, 13-б.] - деп предметтик стандартта берилген. Демек, предметтик компетенттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуу ыкмаларынын бири музыка сабагында окутуунун активдүү формаларын пайдалануу болуп саналат. Бул жерде окуучулардын практикалык иш-аракеттерине жетектөөчү роль берилген, ал аларга окуу процессине активдүү катышууга жана музыкалык жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле музыкалык чыгармаларды кабыл алуу жана талдоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, аларды талкуулоого, музыканы активдүү угууга, мультимедиялык окуу куралдарын колдонууга, ошондой эле музыкалык сезимди жана интуицияны калыптандырат.

**Изилдөөнүн максаты.** Музыка сабагында 6-класстагы окуучулардын музыкалык-эстикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун кээ бир ыкмаларын колдонуу, музыка таануучу окумуштуулардын илимий макалаларын талдоо.

**Изилдөөнүн методдору.** Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу боюнча илимий эмгектерге талдоо жүргүзүү жана материалдарды топтоо.

**Негизги мазмуну.** Музыка сабагында окуучулардын активдүү иштешүүсүнүн негизги жолдорунун бири – музыканы активдүү угуу. Бул ыкмада мугалим окуучуларга угуу сезимин, музыкалык элементтерди таануу, музыканы талдоо жана аны чечмелөө жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган тапшырмалар берилет. Көрүнүктүү музыка изилдөөчү, профессор Э.Б.Абдуллин «...музыка сабагында колдонула турган бир нече активдүү музыка угуу ыкмаларын... «элестетип музыкалаштыруу» [2, 78-б.] терминин колдонууну белгилеген. Демек, окуучулар өздөрүн музыка чыгармаларын аткаруучусу катары көрсөтүүгө, музыка менен бирге ар кандай образдарды жана кырдаалдарды түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул музыка чыгармаларын тереңирээк түшүнүүгө жана кабыл алууга өбөлгө түзөт.

Биз музыка сабагында «поэтикалык тексти таасирдүү окуу» [2, 54-б.] ыкмасын карап көрөлү. Мында музыка менен сөз көбүнчө бири-бири менен тыгыз байланышта экени белгилүү. Бирок, музыка сабагында поэзияны таасирдүү окуу ыкмасын музыкалык эпизоддор менен айкалыштырып колдонсо болот. Э.Б. Абдуллин окуучулар менен иштөөдө музыка жана сөздүн таасирдүүлүгүн баса белгилеп, «...бул, «поэтикалык тексти таасирдүү окуу» ыкмасы окуучуларга музыканын эмоционалдык тереңдигин жакшыраак түшүнүүгө жана сезүүгө мүмкүндүк берет...» [2, 89-б.] деп айтат. Демек, музыканын фонунда окуучулар поэзияны таасирдүү окуусу, декламация көндүмдөрүн жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өркүндөтөт. Музыкалык чыгарма-

ларды окуучуларга уктуруу аркылуу, ал чыгарманы талкуулоо окуучулардын музыка менен активдүү байланышуусунун бир жолу десек болот. Себеби, окуучулар музыка жөнүндө өз ойлорун жана ага болгон таасирлерин талашууга анын түзүлүшүн жана өзгөчөлүктөрүн талдоого катышышат. Белгилүү музыка таануучу Л.Л. Алексеева музыка сабагында талкууларды өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын карап жатып, «...музыканы талкуулоо окуучуларга талдоо жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк бererин...» [3, 29-б.] баса белгилейт.

Азыркы учурдагы окутуунун заманбап мультимедиялык каражаттарын колдонуу окуучуларга зор кызыгууну алып келери талашсыз. Демек, музыка сабагында 6-класстын окуучуларынын музыкалык-эстетикалык предметтик компетенттүүлүгүн калыптандырууда мультимедиялык каражаттарды колдонуу маанилүү курал болуп саналат. Мында, музыкалык чыгармаларды жазуу, интерактивдүү иш-чаралар жана визуализация менен видео материалдарды колдонуу окуучуларга музыканы терең түшүнүүгө, музыкалык фантазиясын кеңейтүүгө жана кабылдоону өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Мындай ыкма окуучулардын музыкалык-эстетикалык көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзгөн натыйжалуу жана кызыктуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө мүмкүндүк берет десек болот. Заманбап дүйнөдө мультимедиялык окуу куралдарын колдонуу билим берүү процессинин барган сайын таанымал жана анын ажырагыс элементи болуп калганы практика тастыктап жатат. Демек, жалпы билим берүүчү уюмдарда жана башка ар кандай билим берүү курстарында, тренингдерде кеңири колдонулат. Мультимедиялык каражаттар мектеп окуучуларынын музыкалык билим алуусунун сапатын жана окуу материалына болгон кызыгуусун жогорулатууга жардам берет. Мультимедиялык окуу куралдары: текст, сүрөт, үн жана видео сыяктуу медианын ар кандай түрлөрүнүн айкалышы болуп саналат. Алар окуучулардын музыкалык окуу материалдары менен активдүү өз ара аракеттенүүсүнө жана ынанымдуу презентацияларды жана демонстрацияларды түзүүгө мүмкүндүк берет. Демек, мультимедиялык каражаттар окуучуларга маалыматты түшүнүүнү жана сактоону жакшыртууга жардам берет, ошондой эле сынчыл ой жүгүртүү, көйгөйлөрдү чечүү, баарлашуу жана кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрөт десек болот. Ошентсе да, мультимедиялык окуу куралдарын колдонууга болгон мамиле ар түрдүү. Мисалы, эң кеңири таралган ыкмалардын бири – интерактивдүү презентацияларды колдонуу. «...Мугалим окуу материалын көрсөткөн жана түшүндүргөн тексттерди, сүрөттөрдү жана видеолорду колдонуп презентация түзө алат. Бул тема жөнүндө жакшыраак түшүнүк берүүгө жана окуучуларга материалды сиңирүүгө жардам берет...» [4, с. 96].

Музыка сабагында 6-класстын окуучуларынын музыкалык-эстетикалык предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн алардын чыгармачылык потенциалын активдүү өнүктүрүү да зарыл. Анткени окуучулардын чыгармачылыгы алардын өнүгүшүндө жана ийгиликтүү окутууда маанилүү ролду ойнойт. Окуучуларга өздөрүнүн индивидуалдуулугун көрсөтүүгө, музыкалык билимин, көндүмдөрүн жаңы жана стандарттуу эмес кырдаалдарда колдонууга, ошондой эле көйгөйлөрдү чечүүнүн башка жолдорун табууга мүмкүндүк берет. Андан кийин, чыгармачыл долбоорлоо ыкмасы окуучуларга чыгармачыл идеяларын ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Бул ыкма окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн, өзүн өзү көрсөтүү жана аткаруу жөндөмүн өнүктүрөт. Музыка таануучу Т.М. Михайленко чыгармачыл долбоорлоо ыкмасы «...мектептеги окуучулардын окуу материалдарына болгон кызыгуусун арттырып, окууга болгон мотивациясын...» [5, 143-б.] жогорулата турганын белгилеген. Ошондой эле, «…оюн технологиясы окуучуларга билимди жана көндүмдөрдү оюн абалынан реалдуу жашоого которууга мүмкүндүк…» [5, 140-б.] берерин айткан. Демек, оюн технологиялары окуучулардын чыгарма-

чылык интуициясын жана чыгармачыл элестетүү жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берет десек болот.

**Корутунду.** Жыйынтыгында, жалпы билим берүүчү мектептерде музыка сабагында 6-класстын окуучуларын музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатта мультимедиялык окуу куралдарын колдонуу жана музыканы активдүү угуу, элестетип музыкалаштыруу, чыгармачыл долбоорлоо сыяктуу окутуу ыкмаларына негизделиши керектигин тактадык.

***Адабияттар:***

1. «Музыка» Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин 5-7-класстары үчүн предметтик стандарты. – Б., 2023. – 29 б.
2. Абдуллин, Э.Б. Теория музыкального образования. – М., 2013. – С. 333.
3. Алексеева, Л.Л. Об уроке музыки в историческом аспекте / Л.Л. Алексеева // Учитель музыки [Текст]. – 2010. – № 2. – С. 25-32.
4. Дуйшеналиев, Ж.С. Музыка сабагында окуучулардын чыгармачылыгын активдештирүү жөнүндө // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2021. – №1 (53). – С. 95-98.
5. Михайленко, Т.М. Игровые технологии как вид педагогических технологий / Т.М. Михайленко. — [Текст] // Педагогика: традиции и инновации: материалы I Междунар. науч. конф. (г. Челябинск, октябрь 2011 г.). – Т. 1. – Челябинск: Два комсомольца, 2011. — С. 140-146.

***Рецензиялаган:***
***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

**ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ**
**ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ**
**TEACHING TECHNOLOGY**

***Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Исакова Светлана Турдубековна,***
***К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети,***
***окутуучу,***
***Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы,***
***e-mail: Svetaisakova0180@gmail.com***

# ОКУУЧУЛАРДЫН КЕП МАДАНИЯТЫН ӨСТҮРҮҮДӨ АЙРЫМ МЕТОДДОРДУН ПРАКТИКАЛЫК МАЙНАПТУУЛУГУ

***Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Исакова Светлана Турдубековна,***
***преподаватель,***
***Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова,***
***Кыргызская Республика, Иссык-Кульская область,***
***e-mail: Svetaisakova0180@gmail.com***

# ПРАКТИЧЕСКАЯ ЭФФЕКТИВНОСТЬ НЕКОТОРЫХ МЕТОДОВ В РАЗВИТИИ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ УЧАЩИХСЯ

***Muratov Abdykerim Zharkynbaevich,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Isakova Svetlana Turdubekovna,***
***Teacher,***
***Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov,***
***Kyrgyz Republic, Issyk-Kul region,***
***e-mail: Svetaisakova0180@gmail.com***

# THE PRACTICAL EFFECTIVENESS OF SOME METHODS IN THE DEVELOPMENT OF STUDENTS' SPEECH CULTURE

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз адабияты сабагында окуучулардын жазуу жана оозеки кебин өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы эффективдүү деп аталган, мектептерде сынактан өткөн методдору талдоого алынат. Мына ошол методдордун колдонулушу айрым чыгармалардын мисалында көрсөтүлөт. Окутуу методдору тууралуу илимпоздордун пикирлерин методологиялык таяныч катары берилүү менен пикирлердин аргументүүлүгүн тастыкташат. Биз сунуш кылган мектепте окуучулардын сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгүнө көнүктүрүү боюнча методдор дүйнөлүк педагогика илиминин табылгаларын жана мугалимдердин тажрыйбаларын өз ичине алат.*

*Макала мектеп мугалимдерине, жогорку окуу жайларынын окутуучуларына, магистрлерге арналат.*

***Аннотация:*** *В статье проанализированы проверенные в школах современные эффективные методы развития письменной и устной речи учащихся на уроке кыргызской литературы. Даны примеры как эти методы используются на уроках. Они подтверждаются аргументами мнении ученых о методах обучения в качестве методологической основы. Предлагаемые нами методы адаптации учащихся к устной и письменной деятельности в школе включают в себя результаты мировой педагогической науки и опыт учителей.*

*Статья посвящена школьным учителям, преподавателям высших учебных заведений, магистрам.*

***Annotation:*** *The article will analyze modern effective methods tested in schools for the development of written and oral speech of students in the Kyrgyz literature lesson. Here is how these met,hods are used in the example of some works. They confirm the reasonableness of opinions by providing the opinions of scientists on teaching methods as a methodological basis. Our proposed methods of adapting students to oral and written activities at school include the results of world pedagogical science and the experience of teachers.*

*The article will be devoted to school teachers, teachers of higher educational institutions, and masters.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кеп, кеп маданияты, метод, дидактикалык принциптер, тил байлыктары, оозеки кеп, жазуу кеби, кеп ишмердүүлүгү.*

***Ключевые слова:*** *речь, культура речи, метод, дидактические принципы, языковые ресурсы, устная речь, письменная речь, речевая деятельность.*

***Key words:*** *speech, speech culture, method, didactic principles, language resources, oral speech, written speech, speech activity.*

**Киришүү.** Методдор – чындыкка жетүүнүн жолу, илимий иштин же башка бир максатка жетүүнүн негизи. Ошол жолду, негизди билбей туруп ишке киришүү опурталдуу жыйынтык бериши мүмкүн. Азыркы мектепте кыргыз адабияты мугалимдеринин ичинен бир тобу кеп ишмердүүлүгүнүн ар кандай көп жана оптималдуу методдорун колдонууну билишпейт. Окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүдө сабаттуу сүйлөй билүүгө жана жаза билүүгө көнүктүрүү методикасы каралат ошону менен бирге кыргыз адабиятын окутуу сабактары балага билим берүү менен гана чектелбестен, анын тарбия берүүдөгү ролу да өтө зор экендиги белгиленет. Бүгүнкү күндө көптөгөн жаштардын сөз байлыгынын жардылыгы, өз ойлорун оозеки түрдө болобу, жазуу түрүндө болобу ырааттуу, сабаттуу баяндап бере алышпагандыгы актуалдуу маселе болуп келет. С. Исакова «Окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүдө кыргыз тили жана адабияты сабактарынын ролу» [11, с. 32]. Биз мына ошол көйгөйлөргө жардам болсун деген ниетте ушул макаланы жаздык.

**Изилдөөнүн максаты.** Кеп маданиятын өнүктүрүүдө кыргыз адабияты сабагында колдонулган методдорду конкреттүү мисалдар менен көрсөтүп, алардын колдонулуш учурларын, өзгөчөлүктөрүн ачып берүү.

**Изилдөөнүн методдору.** Адабияттарга илимий анализ, талдоо, салыштыруу, баалоо.

**Негизги мазмуну.** Азыркы учурда IT технологиялар аябай көп маалыматтарды өзүндө камтып турат. Андыктан мугалим өзү

Д. Карнегинин «Как вырабатывать уверенность в себе и влиять на людей, выступая публично» [1], П. Сопердин «Основы искусства речи» [2], Е.А. Ножиндин «Мастерство устного выступления» [3] сыяктуу риторикага үйрөткөн өтө популярдуу эмгектер менен тааныш болушу керек.

Диспут же семинар же дагы башка форматта окуучулар менен иш алып баруу да оң натыйжасын берет. Алардын болжолдуу темалары:

1. Эл алдында сүйлөөдөн мурда сүрдөнүүнү кантип жеңүүгө болот?
2. Эл алдында сүйлөөдөн мурда толкунданууну кантип токтотууга болот?
3. Сүйлөп жатканда эмоцияны кантип, кайсыл убакта пайдаланууга болот?
4. Элге сүйлөп жатканда угуучулардын реакциясын кантип билип, ошого жараша кандай өзгөрүү керек?
5. Үндүн тембирин, дикцияны кантип колдонуу мүмкүн?
6. Кагаз карап сүйлөө жана кагазсыз сүйлөө: кайсынысы кайсыл убакта ыңгайлуу?
7. Суроо бергендерге кантип, качан жооп берүү керек?
8. «Мен» жана «биз» деген сөздөрдү кандайча колдоно билүү зарыл?
9. Кебиңерди кайсыл жерде, кантип жыйынтыктайсыңар?
10. Кебиңерде интонацияны кантип колдонууга болот?
11. Сүйлөп жатып убакыттан кандайча пайдалана аласыңар? ж.б.

Дагы бир окуучулар менен мугалимдер биримдикте өздөштүрө турган нерсе – белгилүү адамдардын сүйлөө маданиятын үйрөнүү. Биз эксперименталдык класстарда Т. Сыдыкбековдун «Эне тилин билүү башкы маданият» (https://govori.tv/31758-2/), «Тил – улуттук маданият, улуттук байлык, улуттук мурас» (https://www.facebook.com/watch/?v=653122046408862) деген темаларда маектешүүлөрүн жана сүйлөгөн сөздөрүн коюп берип, бир чети тил жана ага мамиле кылуу тууралуу маалыматтарды алсак, экинчи жагы жазуучунун кеп маданиятына байкоо салдык. Ушундай эле К. Карасаевдин, Ч. Айтматовдун, Б. Жакиевдин сүйлөө кебин талкууладык.

Ар бир эле айылда кепке чечен адамдар болот, алар менен аңгемелешүүлөр да окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнө таасир этет.

*Кыргыз адабияты сабагында окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүүнүн негизги ыкмалары жана жолдору*

*1-таблица*

| **Ыкмалары жана жолдор** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| *Негизгилери* | | | | *Көмөкчүлөрү* |
| **Тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүчү ыкмалар жана жолдор** | **Кеп маданиятын өнүктүрүүгө багытталган ыкмалар жана жолдор** | **Сүйлөө техникасын жогорулатуучу ыкмалар жана жолдор** | **Эл арасында татыктуу сүйлөө компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүчү ыкмалар жана жолдор** | |
| кептин ырааттуулугун, таамайлыгын, тактыгын талдоо; кептин түзүмүн (композициясын) талдоо; аудио жана видео жазууларды талдоо; түйүндүү сөздөр | сөздүктөр менен иштөөгө үйрөтүү; көркөм тексти лексикология боюнча анализдөө; көркөм тексти стилистика боюнча анализдөө; бирөөлөрдүн айткан (жазган) | чечендердин тажрыйбасын үйрөнүү; ораторлук искусство боюнча тренигдерге катышуу, ютуб материалдарын көрүү; | окуучулар арасында тартынбай сүйлөөнү үйрөнүү; коомдук жайларда баарлашуу; диспуттарга катышуу; кебин телефондун микрофонуна жазып, аны кайра- | тест тапшырмалары; сурамжылоо; оозеки баарлашуу; |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| аркылуу кеп түзүү; пикир алмашып, баарлашуу; кыска-ча коммуника-тивтик оюндарды уюштуруу ж.б. | тексттерин ондоп түзөтүү; тексттин негизинде баяндама жазуу; текстке сөз кошуу; тексттен сөз алып таштоо ж.б. | драмалык чыгармаларды аткаруу; ыр жана проза түрүндөгү чыгармаларды көркөм окуу; артисттердин, мыкты сүй-лөгөн адам-дардын кебин угуу ж.б. | кайра угуу жана кайра-кайра кай-талап сүйлөө; сүйлөгөн сөзүн башкаларга тал-датуу; эл арасына чыгып тез-тез сүйлөп туруу ж.б. | |

V-VII класстардын кыргыз адабияты сабагында колдонгон кеп маданиятын калыптоо боюнча айрым ыкмаларга кененирээк токтолуп көрөлү.

*Окуучулардын оозеки кебин телефондун диктофонуна жазып текшерүү методу.* Телефон азыр ар бир окуучуда бар. Мында кагазсыз, микрофонго сүйлөшөт. VI класста М. Элебаевдин «Бороондуу күнү», Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим», Ж. Мавляновдун «Нан», VII класста Т. Сыдыкбековдун «Акылман куудул», Ч. Айтматовдун «Балалыгым» деген чыгармаларын өткөн соң ал чыгарма тууралуу окуучулар ойлорун телефонго жаздырышты. Класс жупта иштөө ыкмасы менен биринин сүйлөгөнүн экинчиси укту. Бул учурда сүйлөгөн окуучу өзү эмнеката кеткенин, тигил окуучу кандай жакшы нерсе айтканын аңдап билет. Мугалим кайсыл бир окуучунун телефонго жазылган тексттин тандап алат, окуучулар аны төмөнкүдөй критерийлер менен баалайт: чыгарманы түшүнүүсү; өздүк оюу; пикирлеринин жаңылыгы; пикирлеринин аргументтүүлүгү; кептин стилистикасы; интонациянын тууралыгы; киришүүнүн жана жыйынтыктын тактыгы; кебинин угулушу ж.б. Айрым окуучуларда кептик жактан адаттары болот, мисалы, «шо да», «тиги-бу», «этти да», «кетти да», «ыя», «айткандай», «туурабы» ж.б. сөздөрдү орунсуз кайталай берет. Үн жазгычтан бул нерсе аябай оркоюп көрүнүп калат. Ал бала ошол кемчилдигин жоюуга аракет кылат.

Бул методдун дагы бир артыкчылыгы – телефон менен үйдө да, көчөдө да үнүн жаздырып, кайра угуп, өзүн «башкача угуп», сындап, толуктап, түзөтүп иштей берсе болот. Мында ар бир окуучу өз кебинин вербалдык-коммуникативдик мүмкүндүктөрүн да «сырткарыдан» аңдап билет.

*Түйүндүү (өзөктүү) же тирек (таяныч) сөздөр аркылуу кеп кураштыруу.* Окуучуларга тапшырма берүүнүн шарттары: биринчи баарына онго жетпеген сөз же сөз айкашы берилет жана убакыт коюлат (жазуу үчүн болсо көбүрөөк), ошол убакытта жогорудагы сөздөрдү же сөз айкаштарын катыштырып кеп түзүүсү керек. VI класста Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдик күчү бек» поэмасын үйрөтүү процессинде эне менен баланын мекенчилдик сезимдерин ачуу тапшырмасы сунушталат. Берилген сөздөр: *байыркы заман, талоон, чеп, пайдубал, токсон жашка келген карыя, караан, атадан жетим калган, ак сүт, көмбөгүн.*

Бул тапшырма окуучулардын ой жүгүртүүсү менен кеп кураштыруу өнөрүн бир жерге топтойт, алардын сөздөр менен иштөө ишмердүүлүгүн активдештирет. Балдар бул жерде тилдин грамматикалык мыйзамдарын да (уңгу-мүчө, сөз жасоо, сүйлөм кураштыруу ж.б.) өздөштүрүүнү үйрөнөт.

И. Бекбоев жана А. Алимбеков «Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы» деп аталган китебинин [4] «Окутуунун методдору жана аларды тандап алуу» деген главасында азыркы учурда сабак процессинде активдүү колдонулган методдор катары төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

- айтып берүү;

- мектеп лекциясы;
- семинар;
- суроо-жооп;
- талкуу;
- тегерек үстөл;
- жарыш сөз;
- китеп менен иштөө;
- роль ойноо;
- долбоор;
- программалап окутуу [4, 107-129].

Мына ушулардын дээрлик бардыгы кыргыз адабиятын окутууда окуучулардын кеп маданиятын жогорулатууда колдонулат. Алардын бири – *айтып берүү.* Бул окуучуларды эркин пикир алмашууга чакырат, б.а., алдын ала даярдыксыз эле окуучулар өз ойлорун, пикирлерин айта берет. Мындай методдун артыкчылыгы – окуучулар өз пикирлерин тартынбай, тайсалдабай ачык айтат, айткан пикирин-оюн сөзүндө далилдейт, бири-бирин угат, баалайт, карама-каршы пикир айтат, сындайт, бири-биринин тилдик-коммуникативдик жактан өсүүсүнө жардам берет. Мындай эркин баарлашууларда активдүү болушу үчүн окуучу кеп логикасын, паузасын, интонацияларын, көркөм сөз каражаттарын туура колдонуу зарыл экендигин түшүнүп, өзүн ошол багытта өнүктүрөт. Жогорудагы китепте адамдар үйрөнгөн материалдарынын 10 пайызын окуу менен, 20 пайызын угуу менен, 30 пайызын көрүү менен, 50 пайызын угуп-көрүү менен, 70 пайызын айтып берүү менен, 90 пайызын жасап көрүү жана айтып берүү аркылуу үйрөнөрүн айтат [4, 108]. Демек, окуучу билгендерин, окугандарын, уккандарын бирөөлөргө айтып бергенде ошол айтып бергендери эсинде көпкө сакталып калат.

V класста А. Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», С. Рысбаевдин «Балыкбалдар, же көл жээгиндеги түнкү кум сепилдер», К. Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар», VI класста Т. Сыдыкбековдун «Көк серек», А. Токомбаевдин «Күүнүн сыры», Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим», VII класста Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей», Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» деген чыгармаларынын негизинде эркин пикир алмашуулар, өз ойлорун эркин айтуу технологиялары жүргүзүлдү.

*Коммуникативдик оюндар методу.* Коммуникативдик оюндар окутуунун методу катары да, формасы катары да каралат. Мындай оюндардын түрлөрү көп: «Саламдашуу», «Сырдашуу», «Комплемент айтуу», «Телефондо вотсап аркылуу сүйлөшүү», «Эртең менен көргөндөрү тууралуу монолог», «Досум менен диалог», «Кечиндеги иштерим тууралуу отчёт» ж.б. Бул методду колдонууда турмуштук ситуациялар жана балдардын көрүп-билгендери менен байланыштырылат, сүйлөөчүлөргө эркиндик берилет. Биринчи орунда тилдик коммуникациялар, б.а., тилдик байланыштар турат. Мындай оюндарды мугалим контролдоп турат, же окуучулардан модератор дайындалат, оюн сабактын бир бөлүгү гана болуп, аягында жыйынтык чыгарылат.

*Көркөм окуу методдору.* Бул метод окуучулардын башталгыч класстардан бери алган фонетика, артикуляция, дикция, интонация, сүйлөө техникасы боюнча алган билимин, жөндөмдүүлүктөрүн практика жүзүндө көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Мындай учурдагы башкы нерсе – текстти угуучуларга жеткирүү. А.Осмоновдун ар кайсыл класстарда «Неге кечигет», «Бөбөккө», «Жеңишбек», «Толубай сынчы», «Ата журт», «Маляр» деген ырларынын негизинде көркөм окуу конкурстары уюштурулду. Жеңүүчүлөргө коюлуучу талаптар: үнүнүн тембири; тыбыштарды туура айтышы; тексттеги басым жасалуучу учурларды аныктай алышы; угуучулар менен байланышта турушу; автордук идеяны жана теманы жакшы билип, аларды башкаларга жеткире алышы; бир эле учурда режиссёрдук жана көркөм окуучулук (чтец) функцияны аткара билиши ж.б.

*Сөздүк менен иштөө технологиялары.* Сөздүктөр – окуучулардын тил байлыгын өнүктүрүүнүн башкы каражаты. Сөздүктөр эки түрдүү болот: биринчиси, окуу китептериндеги, хрестоматиялардагы тексттен кийин, же китеп соңунда берилүүчү «даяр» сөздүктөр; экинчиси, ар кандай сөздүк

жыйнактарынан издеп табуучу сөз топтомдору.

Эң башкы сөздүк – кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрү. Бул сөздүк совет учурунда да чыккан, эгемендүүлүк учурунда КР УИАнын лексикографтары тарабынан эки басылышы ишке ашырылды. Биринчиси 50 миңдей сөзгө түшүндүрмө берген 1460 беттен турган бир томдук «Кыргыз тилинин сөздүгү» [5], экинчиси ар бири 800 беттен турган, эки томдук «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» [6]. Аталган сөздүктөрдөн тил корубузда колдонулган жана унутулуп калган сөздөрдүн көбүн табууга болот. Экинчи бир сөздүктөр бир тилден экинчи тилде котормо сөздүктөрү, алар К.К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү», «Орусча-кыргызча сөздүгү» [7], ар бир сөздүн жазылыш эрежесин мыйзамдаштырган К.Карасаевдин орфографиялык сөздүгү [8], араб, иран, кытай, монгол, орус тилдеринен оошуп кирген жана көөнөргөн сөздөрдү мисаладары менен чечмелеген «Намус-наама (Карасай сөздүк)» [9], «Манас» сөздүгү» [10] жана антонимдер, синонимдер, омонимдер, диалектизмдер сөздүктөрү. 2 томдук «Манас», бир томдуктан «Курманбек», «Эр Табылды», «Эр Төштүк» эпостору боюнча, «Сагынбай», «Саякбай», «Алыкул Осмонов», 3 томдук «Чыңгыз Айтматов» энциклопедиялары окуучулардын сөздүк менен иштөө каражаттары болуп саналат. Аны үчүн мугалим жана китепканачы аларга сөздүктөрдөн кантип пайдалануу керектигин үйрөтөт.

Мында интернеттен *Google* жана *Google*-котормо программасын пайдаланып сөздөрдү издөө компетенттүүлүктөрүнө жетишүүлөрү керек. Сөздүктөр менен иштөө окуучунун кеп байлыгын өркүндөтөт, изилдөө методу менен балдардын жеке ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө, алардын орфографиялык, орфоэпиялык, стилистикалык, лексикологиялык сабаттуулугун көтөрүүгө жардам берет.

*Тексти оңдоп түзөө, жакшыртып редакциялоо методу* – окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгү менен тыгыз байланыштуу, ар кандай эле окуучу ар кандай эле текстти редакциялай албашы мүмкүн, андыктан адегенде башталгыч класс окуучуларынын чакан дил баяндарын, эсселерин сунуш кылып, ошолорду редакциялатып, бара-бара ар бир класста бири-биринен тексттерин редакциялоого өтүү керек.

*Рецензия жазуу методу.* Адабиятты окутуу методикасы илиминде «авторецензия» жана «жолдоштук рецензия» деген түшүнүктөр бар. Анда, биринчисинде окуучу өзүнүн жазма ишине өзү пикир жазат, экинчисинде жолдошу жазат. Бул аркылуу окуучулар бири-бирине жардам берет, билим оошуу ишмердүүлүктөрү жүрөт.

*Окуучунун кебинин сүйлөө техникасын өркүндөтүү методдору.* Сүйлөө техникасы – сүйлөөчүнүн кеп айтуу процессинде тыбыш так, туура, даана айтылышы, басымды, интонацияны орду менен коё билиши. Мында добушту артикуляциялоону өздөштүрүү зарыл, ансыз добуштун ыргагын (ритмди), элге жаккан тембрди, жагымдуу дикцияны, так интонацияны табуу кыйын. Бул психологиялык процесстерди кыргыз тили (фонетикадагы табыштардын жасалышы темасы), музыка сабактары (вокал) менен интеграциялап окутуу зарыл.

Жогорудагыдай кеп маданиятын өнүктүрүү методдорунун практикалык таасирдүүлүгүн, майнаптуулугун аныктоо үчүн төмөнкүдөй чен-өлчөмдөр (критерийлер) менен текшеребиз.

*Кеп маданиятын өнүктүрүү методдорунун практикалык майнаптуулугун аныктоонун чен-өлчөмдөрү*

*2-таблица*

*Кыргыз адабияты сабагында окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүүнүн багыттары*

| | |
|---|---|
| • сүйлөмдөрдү түзүүнүн (конструкциялоонун) ар түрдүүлүгү;<br>• кептин ар кандай типтери менен стилдердин туура айкашуусу;<br>• диалог жана полилог (бир топ адамдын бир темада сүйлөшүүсү) учурунда өзүн эркин сезиши;<br>• такалбай, шар сүйлөө;<br>• бирөөнүн кебин угуп, анын маанисине карай дароо жооп берүү;<br>• кептин лаконизми;<br>• кептин ырааттуулугу;<br>• ой менен кептин айкылашы ж.б. | • сөздөрдү колдонуунун байлыгы лексикалык корунун молдугу;<br>• сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын тууралыгы, ошол контекстке ылайыктуулугу;<br>• морфологиялык түзүлүшүнүн ар кылдыгы;<br>• көркөм сөз каражаттарын туура, көп жана орду менен колдонулушу;<br>• жазуу кебинде стилдик жактан тактык, көркөмдүк;<br>• стилдин түрлөрүнө (илимий, публицистикалык, иш кагаздарынын, көркөм) ылайык жаза жана сүйлөй билүү ж.б. |

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, кеп бул – лингвистикалык, педагогикалык, психологиялык түшүнүк. Тил – белгилердин татаал системасы, адамдардын бири-бири менен пикирлешүүсүнүн негизги куралы, ал эми кеп ошол тилдин практикада коомчулук тарабынан колдонулушу. Кеп адамдарга гана таандык болуп, адамзаттын психологиялык, интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн негизги түрү.

***Адабияттар:***


1. Бекбоев И. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / И. Бекбоев, А. Алимбеков. – Б.: 2011. – 192 б.
2. Карнеги Д. Как вырабатывать уверенность в себе и влиять на людей, выступая публично [Текст] / Д. Карнеги. – М.: Попурри, 2019. – 480 с.
3. Сопер П.Л. Основы искусства речи [Текст] / П.Л.Сопер. – М.: Феникс, 2006. – 448 с.
4. Ножин Е.А. Мастерство устного выступления. – М.: Политиздат, 1989. – 254 с.
5. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы редакциялоосу астында. – Б.: 2010. – 1460 б.
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы редакциялоосу астында. 2 томдук – Б.: 2016. – 1-т. – 800 б.; 2-т. 800 б.
7. Орусча-кыргызча сөздүк. 2 томдук [Текст] / Түз.: К.К.Юдахин. – Б.: 1985, КСЭ. – 1-т. 500 б.
8. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү [Текст] / К. Карасаев. – Б.: Мамл.тил ж-а энциклопедия борбору, 2009. – 640 б.; кийинки басылышы: 2015. – 640 б.
9. Карасаев Х.К. «Намус-наама (Карасай сөздүк): Араб, иран, кытай, монгол, орус тилдеринен оошуп кирген жана көөнөргөн сөздөр [Текст] / К. Карасаев. – Б.: «Шам», 1996. – 856 б.
10. «Манас» сөздүгү [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциялоосу астында. – Б.: 2015. – 286 б.
11. Исакова С.Т. Окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүдө кыргыз тили жана адабияты сабактарынын ролу // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2017. – № 1 (41). – С. 30-34.


***Рецензиялаган:***
***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ
ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ
TEACHING TECHNOLOGY

*Эрматали уулу Баяман,*
*Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,*
*магистрант,*
*Кыргыз Республиксы, Жалал-Абад шаары,*
*e-mail: Ermatalievbayaman@gmal.com*

*Жаманкулова Юланда Досоевна,*
*Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,*
*магистрант,*
*Кыргыз Республиксы, Жалал-Абад шаары,*
*e-mail: Iulandadosoeva00@gmal.com*

## ЖЫЛУУЛУК КУБУЛУШТАРЫН ОКУТУУДА МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

*Эрматали уулу Баяман,*
*магистрант,*
*Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова,*
*Кыргызская Республика, город Джалал-Абад,*
*e-mail: Ermatalievbayaman@gmal.com*

*Жаманкулова Юланда Досоевна,*
*магистрант,*
*Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова,*
*Кыргызская Республика, город Джалал-Абад,*
*e-mail: Iulandadosoeva00@gmal.com*

## ПРЕИМУЩЕСТВА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ПРИ ОБУЧЕНИИ ТЕПЛОВЫМ ЯВЛЕНИЯМ

*Ermatali uulu Bayaman,*
*Master’s Degree,*
*Jalal-Abad State University named after B. Osmonov,*
*Kyrgyz Republic, Jalal-Abad city,*
*e-mail: Ermatalievbayaman@gmal.com*

*Zhamankulova Yulanda Dosoevna,*
*Master’s Student,*
*Jalal-Abad State University named after B. Osmonov,*
*Kyrgyz Republic, Jalal-Abad city,*
*e-mail: Iulandadosoeva00@gmal.com*

# BENEFITS OF USING INFORMATION AND COMMUNICATION TECHNOLOGY IN THERMAL PHENOMENA TEACHING

***Аннотация:*** *Макалада физиканын негизги бөлүмдөрүнүн бири болгон жылуулук кубулуштары бөлүмүн, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен окутуунун мүмкүнчүлүктөрү жана артыкчыктуу жактары каралат. Физика сабагында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу багыттары аныкталат. Аныкталган багыттарга мүнөздөмөлөр жана конкреттүү мисалдар келтирилет.*

***Аннотация:*** *В статье основное внимание уделяется теплу, которое является одним из основных разделов физики. Рассмотрены возможности и преимущества обучения с использованием информационно-коммуникационных технологий. Направления использования информационно-коммуникационных технологий определяются на уроке физики. Для выявленных областей приводятся характеристики и конкретные примеры.*

***Annotation:*** *The article focuses on heat, which is one of the main branches of physics. The possibilities and advantages of training using information and communication technologies are considered. Directions for using information and communication technologies are determined in a physics lesson. Characteristics and specific examples are provided for the identified areas.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *заманбап технологиялар, жылуулук кубулуштары, презентация, виртуалдык лаборатория, компьютердик моделдөө, тестирлөө, интерактивдүү доска.*

***Ключевые слова:*** *современные технологии, тепловые явления, презентация, виртуальная лаборатория, компьютерное моделирование, тестирование, интерактивная доска.*

***Key words:*** *modern technologies, thermal phenomena, presentation, virtual laboratory, computer modeling, testing, interactive whiteboard.*

**Киришүү.** Учурда маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) окутуу процессинде кеңири колдонулуп жатат. МКТны билим берүүдөгү орду боюнча педагогдордун ойлорун эске алсак, билим берүүдөгү конструктивдүү жана конкреттүү мамилени олуттуу түрдө жогорулатуусу катары белгилүү. Физиканын бөлүмдөрүн окутууда МКТны пайдалануу менен окуучулардын кызыгуусун жана активдүүлүгүн стимулдаштырууга өбөлгө түзүлөт.

Билим берүүдөгү МКТ – окутуу процессине катышуучулардын өз алдынча мультимедиялык билимдер базасын түзүү менен билимди өздөштүрүүгө жардам берүүчү курал катары иштей алат.

МКТны жылуулук кубулуштарын окутуу процессинде колдонуунун төмөнкүдөй артыкчылыктуу жактарын белгилөөгө болот:

- окутуунун сапатын жана натыйжалуулугу жогорулайт;
- берилген материалды жеткиликтүү, терең өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлөт;
- теориялык материалдын практикалык колдонулуштары жана илимий негиздери кеңири өздөштүрүлөт;
- окуучулардын өз алдынча билимге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу ишмердигин калыптандырат жана өркүндөтөт;
- таанып-билүүдө чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Мугалим маалыматтык-коммуникациялык технологияларды окутуу процессинде жеткиликтүү деңгээлде пайдаланышы үчүн сөзсүз түрдө бул багытта компетенттүү болушу зарыл. Айрым педагогика багытындагы изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча заманбап мугалимдин кесиптик ишмердигинде МКТ компетенттүүлүк бул:

- Мугалимдин кесиптик көйгөйлөрүн МКТ заманбап каражаттарын жана
- Усулдарын пайдалануу менен чечүү жана кырдаалдан чыгуу жөндөмдүүлүгү;

- Анын жеке сапаты, кесиптик ишмердүүлүктө МКТ каражаттарын пайдалануу жаатында даярдыктын реалдуу деңгээлин чагылдырган мүнөздөмө;
- Кырдаалга туура баа берүүгө жана МКТны колдонуу менен кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүгүндө конкреттүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берген предметтик-атайын билимдерди уюштуруунун өзгөчө түрү.

Шайназар Нурали уулунун пикири боюнча «Мугалимдин МКТ компетенттүүлүгү болуп, кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өз алдынча колдоно алуу даярдыгы жана жөндөмү менен сыпатталуучу мугалимдин жеке сапаты» [3, с. 36].

**Изилдөөнүн максаты.** Жылуулук кубулуштарын окутууда МКТны колдонуунун артыкчылыктарын жана эффективдүүлүгүн аныктоо.

**Изилдөөнүн методу.** Илимий усулдук педагогикалык багыттагы адабияттарга теориялык анализ жүргүзүү, салыштыруу, жалпылоо, байкоо жана маалыматтарды иштеп чыгуу ыкмалары.

**Негизги мазмуну.** Жылуулук кубулуштарын окутууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу багыты боюнча төмөнкүдөй бөлүүгө болот (1-сүрөт).




*1-сүрөт. МКТны физика сабагында колдонуу багыттары*

***Компютердик демонстрация.*** Жылуулук кубулуштары боюнча сабактарда компьютердик демонстрациялоону пайдалануу менен убакыт үнөмдөлөт жана көрсөтмөлүүлүк принцибин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Демонстрациялоону интеракттивдүү доска, интерактивдүү панелдер аркылуу ишке ашырууга болот (2-сүрөт).

Бул багыттын артыкчылыгы – кадимки шарттарда көз менен байкоого мүмкүн болбогон физикалык процесстерди же кубулуштарды сүрөттөө менен окуучулардын мейкиндик элестөөлөрүн калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Көпчүлүк интерактивдүү доскаларда демонстрация катары *Power Point* мультимедиялык презентациясы колдонулат. Бул презентациянын максаты болуп, маалыматты визуалдык, жеткиликтүү жана түшүнүктүү берүү эсептелет. Мультимедиялык презентациялар жаңы теманы түшүндүрүүдө, билимдерди бышыктоодо, текшерүүдө жана көйгөйлүү кырдаалдарды түзүүдө пайдаланылат.

«*Power Point* презентациясын колдонууда сабактын темасы слайддар көрсөтүлөт. Программанын мүмкүнчүлүктөрү слайдда сабактын жалпы мазмунун көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, ал сабактын жалпы багытын белгилейт» [2].




*2-сүрөт. Интерактивдүү доскада демонстрациялоонун көрүнүшү*

Интерактивдүү досканын жардамында интерактивдүү көнүгүүлөрдөн Жылуулук кубулушуна байланыштуу дал келтирүү, бош орундуктарды толуктоо сыяктуу оюндарды сабак учурунда колдонууга болот (3, 4-сүрөт).




*3-сүрөт. Интерактивдүү дал келтирүү оюнуна мисал*




*4-сүрөт. Интерактивдүү бош орундуктарды толуктоо оюнуна мисал*

***Компьютердик моделдөө***. Физикада кубулуштун же процесстин компьютердик моделдерин түзүүнүн түрдүү программалары бар. Мисалга алсак, суунун кайноо процессин көрсөтүүчү эң жөнөкөй моделди *Microsoft Power Point* офистик программасынын жардамында кыймылдуу эффекттерди жана анимацияларды пайдалануу менен түзүүгө болот (5-сүрөт).




*5-сүрөт. PowerPoint офистик программасында суунун кайноо процессинин моделдениши*

Физикалык кубулуштардын компьютердик моделдерин түзүүдө *Power Point* офистик программасынан башка *Start Flow, Phun, Thermo Sim* ж.б. программалык камсыздоолорду пайдаланууга болот.

***Виртуалдык лаборатория.*** ИКТнын негизги жетишкендиктери катары виртуалдык лабораторияларды атоого болот. Бул лабoратриянын программалык камсыздоосу компьютерде жайгашат. Интерактивдүү панель же интерактивдүү досканын экранынын жардамында пайдалануу ыңгайлуу болуп эсептелет. Кадимки үч өлчөмдүү мейкиндикти элестетет (6-сүрөт).




*6-сүрөт. Жылуулук кубулуштарына арналган виртуалдык лабораториянын көрүнүшү*

Бул лабораториялар физикада гана колдонулбастан башка предметтерде да колдонулат. Лабораторияда молекулалык физика жана термодинамика бөлүмдөрү боюнча төмөнкүдөй эксперименттерди жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бар.

- Жылуулук өткөрүмдүүлүк;
- Молекулалык-кинетикалык теорияны колдонуу менен физикалык эксперименттерди жүргүзүү;
- Жылуулуктун көлөмүн салыштыруу, катуу заттын салыштырма жылуулугун жана чөйрөнүн нымдуулугун өлчөө;
- Изотермалык, изохоралык жана изобаралык процесстерди изилдөө;
- Айлана-чөйрөнүн параметрлери боюнча тажрыйбалар: салыштырмалуу нымдуулук, температура жана басым.

Аталган лабoратриянын негизги өзгөчөлүктөрү катары төмөнкүлөр эсептелет.

- Коопсуз;
- Жылуулук өткөрүмдүүлүк, нымдуулук, температура ж.б. интерактивдүү жол менен жөнгө салынат жана физиканын чыныгы мыйзамдарына баш ийет;
- Тажрыйба жүргүзүү үчүн жабдууларды сатып алуунун кереги жок. Керектүү жабдуулардын баары виртуалдык лабораторияда камтылган;
- Убакыт үнөмдүү пайдаланылат;
- Кайтарым байланышты түзүүнүн эффективдүү жолу;
- Лабораторияга муктаж мектептерге компьютердин жардамы менен лаборатория түзүүгө мүмкүндүк берет.

«Виртуалдык лаборатория окуучунун активдүү ролун камтыгандыктан, окуучулардын чыгармачылык өнүгүүсү үчүн өтө эффективдүү. Бул жерде компьютер физиканын айрым маселелерин чечүүчү каражат катары каралат. Бирок, виртуалдык лабораторияны колдонууда мугалим лаборато-

риялык иштерди жүргүзүүнүн салттуу формасынан толук түрдө баш тартпашы керек» [5].

**Тестирлөө.** Салттуу түрдөгү тестирлөө – бул көп эмгекти жана көп убакытты талап кылган процесс.

ИКТны пайдалануу менен окуучулардын жылуулук кубулуштарына байланыштуу билимдерин текшерүүдө электрондук тестирлөө ыкмасын пайдаланууга болот. Азыркы мезгилде электрондук тесттерди түзүү үчүн Google forms, Kahoot, Testpad, Zipgrade ж.б. платформалар кеңири колдонулууда.

«ZIP Grade тиркемесинин негизги максаты жооп баракчалары аркылуу алынган тесттик тапшырмалардын жоопторун телефондун жардамында сканерлөө жолу менен текшерүү болуп саналат. Өз алдынча иштөөгө даярдалган тест түрүндөгү тапшырмаларды атайын экрандан көрсөтүүгө же кагаз формасында окуучуларга таркатууга болот» [4].

Жогоруда аталган тиркемени пайдалануу үчүн төмөнкүдөй кадамдарды жасоо керек:

*1-кадам (жооп баракчаларын даярдоо).* Интернет браузердин жардамында https://www.zipgrade.com/ сайтына катталуу. Сайттан суроонун санына жараша 20, 50 жана 100 суроого ыңгайлашкан жооп баракчаларын PDF жана PNG форматтарында көчүрүп алуу.

*2-кадам (телефонго тикемени көчүрүү).* Телефондун плей маркет (Play Market) же эпстор (App Store) тиркемесинен зип грейд сөзүн жазуу менен тиркеме көчүрүлөт. Тиркеменин ички түзүлүшүн төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот (7-сүрөт).

*3-кадам (ачкычтарды белгилөө).* Бул кадамды аткаруу үчүн төмөнкү аракеттерди аткаруу керек:

- Тиркеменин викториналар бөлүгүнө кирүү (Quizzes);
- Жаңы викторина бөлүгүн тандоо (new quiz);
- Тесттин аталышын жазуу (Quiz name);
- Суроолордун санын белгилөө (select sheet);
- Датаны белгилөө(date) тиешелүү классты тандоо (classes new class); ачкычтарын белгилөө (edit key);




*7-сүрөт. Тиркеменин түзүлүшү*

ZIP Grade тиркемесинин артыкчылыктары катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

- Текшерүү учурунда убакыт үнөмдүү пайдаланылат. Себеби бир бланканы текшерүү үчүн болгону 2 же 3 секунд жетиштүү.
- Жооп баракчаларын ыңгайлуу формада жана 100 суроого чейин түзүүгө болот.
- Алынган тесттердин жыйынтыгын жана анализин сайт аркылуу көрүүгө жана электрондук даректерге жиберүүгө болот.

**Корутунду.** Жылуулук кубулуштары жана жалпы эле физиканын башка бөлүмдөрүн МКТны колдонуп окутуу аркылуу эффективдүү окутуунун натыйжаларына жетишүүгө болот. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жана активдүүлүгүн жогорулатууда МКТ маанилүү орунду ээлейт.

***Адабияттар:***

1. Заманбап мугалимдин кесиптик мүнөздөмөсү // [Электрондук ресурс]. https://kutbilim.kg/news/inner/zamanbap mugalimdin-kesiptik-m-n-zd-m-s/
2. Игамбердиева Ж.А. Развитие активизации познавательной деятельности учащихся при обучении физики в средней школе с применением новых информационных технологий // Известия ОшТУ. – Ош, 2018. – № 1(1). – С. 88-94.
3. Нурали уулу Ш. ИКТ-компетентность педагогов как инструмент развития образования // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – № 1(59). – С. 35-40.
4. Ураимхалилова А., Эрматали уулу Б. Окуучулардын билимдерин тест түрүндө текшерүүдө компьютердик программалардын колдонулушу (ZIP Grade тиркемесинин мисалында) // Новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – №9, – 278-281 б.
5. Пожарская Д.А. Средства ИКТ на уроках физики // Успехи современного естествознания. – 2013. – № 10. – С. 36-37.

***Рецензиялаган:***
***Мамбетакунов У.Э.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

**КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ**

**ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ**

**PROFESSIONAL EDUCATION**

***Байгазиев Рустам Абасканович,***
***аспирант,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: Bair-80@mail.ru***

# НЕПРЕРЫВНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ КАК КЛЮЧЕВОЙ ФАКТОР ПОСТОЯННОГО СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ В КОНТЕКСТЕ СОВРЕМЕННЫХ ВЫЗОВОВ И УГРОЗ: СТРАТЕГИИ, ПРАКТИКА И РОЛЬ В ПОДГОТОВКЕ КАДРОВ ДЛЯ ОБЕСПЕЧЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ

***Байгазиев Рустам Абасканович,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***аспирант,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: Bair-80@mail.ru***

# ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЗАМАНБАП ЧАКЫРЫКТАРДЫН ЖАНА КОРКУНУЧТАРДЫН КОНТЕКСТИНДЕ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН НЕГИЗГИ ФАКТОРУ КАТАРЫ: УЛУТТУК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗ КЫЛУУ ҮЧҮН КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООДОГУ СТРАТЕГИЯЛАР, ПРАКТИКАЛАР ЖАНА РОЛДОР

***Baigaziev Rustam Abaskanovich,***
***Postgraduate Student,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***e-mail: Bair-80@mail.ru***

# CONTINUING EDUCATION AS A KEY FACTOR OF CONTINUOUS IMPROVEMENT IN THE CONTEXT OF MODERN CHALLENGES AND THREATS: STRATEGIES, PRACTICES AND ROLES IN NATIONAL SECURITY TRAINING

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются вопросы непрерывного образования как ключевого фактора постоянного совершенствования знаний в контексте современных вызовов и угроз, а также его роль в подготовке кадров для обеспечения национальной безопасности. Обсуждаются стратегии и практика реализации непрерывного образования, выделяется его значимость в адаптации и эффективной реакции на сменяющиеся вызовы, такие как технологические инновации, геополитические сдвиги и киберугрозы. Цель статьи – представить обзор актуальных исследо-*

*ваний в этой области, выявить нерешенные аспекты и предложить стратегии подготовки кадров для современных вызовов и угроз. Обсуждаются также стратегии непрерывного образования, включая индивидуальные образовательные программы, направленные на повышение компетентности и эффективности профессиональной деятельности кадров для обеспечения национальной безопасности.*

***Аннотация:*** *Макалада заманбап чакырыктар жана коркунучтар контекстинде үзгүлтүксүз өркүндөтүүнүн негизги фактору катары үзгүлтүксүз билим берүү темасы жана анын улуттук коопсуздукту камсыз кылуу үчүн кадрларды даярдоодогу ролу каралат. Үзгүлтүксүз билим берүүнү ишке ашыруунун стратегиялары жана практикасы талкууланып, анын технологиялык инновациялар, геосаясий жылыштар жана кибер коркунучтар сыяктуу чакырыктарга ылайыкташуу жана натыйжалуу жооп кайтаруудагы мааниси баса белгиленди. Макаланын максаты-бул жаатгагы актуалдуу изилдөөлөргө сереп салуу, чечилбеген аспектилерди аныктоо жана заманбап чакырыктарга жана коркунучтарга кадрларды даярдоо стратегиясын сунуштоо. Үзгүлтүксүз билим берүү стратегиялары, анын ичинде кесиптик ишмердүүлүктүн компетенттүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган жеке билим берүү программалары да талкууланат.*

***Annotation:*** *The article discusses the topic of continuing education as a key factor of continuous improvement in the context of modern challenges and threats, as well as its role in training personnel to ensure national security. Strategies and practices for the implementation of lifelong learning are discussed, and its importance in adapting and effectively responding to changing challenges such as technological innovations, geopolitical shifts and cyber threats is highlighted. The purpose of the article is to provide an overview of current research in this area, identify unresolved aspects and propose training strategies for modern challenges and threats. Continuing education strategies, including individual educational programs aimed at improving the competence and effectiveness of professional activities, are also discussed.*

***Ключевые слова:*** *национальная безопасность, непрерывное образование, технологические инновации, геополитические сдвиги, киберугрозы, инновационные подходы, индивидуальные образовательные программы, современные вызовы и угрозы.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Улуттук коопсуздук, үзгүлтүксүз билим берүү, технологиялык инновациялар, геосаясий жылыштар, кибер коркунучтар, инновациялык ыкмалар, жеке билим берүү программалары, заманбап чакырыктар жана коркунучтар.*

***Key words:*** *national security, continuing education, technological innovations, geopolitical shifts, cyber threats, innovative approaches, individual educational programs, modern challenges and threats.*

